# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №5 (303) | 31.05.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*1-Июнь — Балдарды коргоонун эл аралык күнү*


**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН


# БАЛДАР БИЗДИН БАКТЫБЫЗ, БАЙЛЫГЫБЫЗ, КЕЛЕЧЕГИБИЗ!





Жыргалбек КАСАБОЛОТОВ

**КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТАЗАЛЫГЫН САКТООНУН ЖОЛДОРУ**

4-БЕТ



Мира ДЖАМАНКУЛОВА:

**“ЭНЕ ТИЛДИ ҮЙРӨТҮҮНҮ БАЛА БАКЧАДАН БАШТОО КЕРЕК”**

5-БЕТ



Маматали МУРЗАЕВ

**ГЛОБАЛДАШУУ ЖАНА УЛУТТУК ТАРБИЯ**

10-БЕТ

# Тил саясаты аркылуу мамлекеттүүлүктүн негиздерин бекемдөө




23-майда КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен биргеликте Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышында жыйын өткөрдү.

Иш-чаранын негизги максаты: мамлекеттик жана муниципалдык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери арасында мамлекеттүүлүк менен мамлекеттик тилдин өз ара тыгыз байланышын, маанисин ачып берүү, даңазалоо, жарандардын мамлекеттик тилге карата болгон аң сезимин өстүрүү, кыргыз элинин жана мамлекетинин бай тарыхын, маданиятын, нарк-насилин, “Манас” эпосун, салт-санаасын, философиясын, дүйнө таанымын мамлекеттик тил аркылуу таанытуу менен жарандык аң сезимин калыптандыруу, ошону менен катар «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамын жүзөгө ашыруу.

Аталган жыйынга КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М.Мураталиев, Улуттук комиссиянын тиешелүү бөлүмдөрдүн жетекчилери, КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Г.А.Кыштобаева баштаган Чүй облусунун, райондук мамлекеттик администрацияларынын жетекчилери, муниципалдык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын ж.б. кызматкерлери катышышты.




Алгач Улуттук комиссиянын төрагасы М. Мураталиев «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» темасында кеңири баяндама жасады. Андан соң Чүй облусунун аймагында өткөрүлгөн “Тил жана нарк” 100 күндүк акциясынын жыйынтыктары чыгарылды.

Улуттук комиссиянын мониторинг жана талдоо бөлүмү тарабынан даярдалган Чүй облусунун мекеме-уюмдарында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн, билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилде билим берүүнүн абалы, жарнама ж.б. мамлекеттик тил чөйрөсүндөгү көйгөйлөр тууралуу аналитикалык маалыматы менен тааныштырылды.

Жыйынтыгында берилген суроо, сунуштарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» конституциялык мыйзамынын талаптарын аткаруу, Чүй облусунун мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлери, мектептердин кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалимдери, балабакчалардын тарбиячылары үчүн пилоттук окутуу семинарларын уюштуруп-өткөрүү маселелери макулдашылды.




# Мамлекеттик тилди окутууну санариптештирүү

*“Мамлекеттик тилди окутууну санариптештирүү жана жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу” аталышындагы илимий-практикалык конференция өттү*

2024-жылдын 22-майында Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борбору тарабынан “Мамлекеттик тилди окутууну санариптештирүү жана жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу” аталыштындагы республикалык илимий-практикалык конференция болуп өттү.

Конференцияга КР Президентинин Администрациясынан стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн башчысы Октябрь Капалбаев, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Аркарбек Мамытов, ЖОЖдордун эң алдыңкы тажрыйбалуу, заманбап ыкмада сабак өткөн окутуучулар жана санарип дүйнөсүндө жаңылык жараткан жаштар, ошондой эле Улуттук комиссияга караштуу Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун, “Кыргызтест” мекемесинин, Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун жетекчилери катышты.

Конференциянын максаты мамлекеттик тилди окутууда заманбап жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу, талапка ылайык санариптештирүү, тилди үйрөтүүдө кызыктуу, жеңил жана жеткиликтүү окутуу аркылуу мамлекеттик тилдин теориялык жана практикалык маанисин баалоого арналды.

Мындан тышкары баяндамачылар тарабынан кызыктуу баяндамалар жасалып, келечек муунду тарбиялоодо мамлекеттик тилдин ролун өстүрүү, окутуучу, тренерлер ортосундагы байланышты чыңдоо, бирдиктүү иш алып баруу боюнча сунуштар айтылып, жыйынтыгында резолюция кабыл алынды.





# Кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлду



*КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана Кыргыз-Түрк “Манас” университети ортосунда кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлду*

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча (мындан ары Улуттук комиссия) менен Кыргыз-Түрк “Манас” университети (мындан кийин КТМУ деп аталат) “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамын ишке ашыруу максатында ошондой эле өз ара байланыштарды туруктуу жана узак мөөнөттүү негизде тиешелүү уюштуруу жана башка зарыл шарттарды түзүү үчүн кызматташуу жөнүндө Меморандум (мындан ары – Меморандум) түзүштү.

Эки тараптуу келишимди жогорку деңгээлде ишке ашыруу жана бул багыттагы иш-чараларды колго алуу менен мамлекеттик тилди өнүктүрүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик тил саясатын жүргүзүүдө кызматташууну ишке ашырат.

Меморандумдун максаты өнөктөштүк мамилелерди орнотуу жана тараптардын ортосундагы узак мөөнөттүү, натыйжалуу жана үзүрлүү кызматташууну өнүктүрүү болуп саналат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5 (303)

31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Ош облусунун аймагында мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында жүргүзүлүп жаткан иштер боюнча маалымат

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралындагы “Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө” токтомун турмушка ашыруу максатында КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 24-мартында № 01-52/32 буйругу менен иш-чаралар планы кабыл алынып, аткарылышы көзөмөлгө коюлган.*

Учурда ар бир райондук мамлекеттик администрацияларда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу оргнадарында, облустук жана райондук мекеме-ишканаларда мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкерлер бекитилип, иш пландары түзүлгөн. Анын негизинде бардык айыл өкмөттөрүндө, мекеме-уюмдарда мамлекеттик тилге арналган бурчтар жаңыланып, жасалгаланып, иш кагаздарынын мамлекеттик тилде туура жүргүзүлүүсүнө жетишүү максатында үзгүлтүксүз иш алып барылууда.

Бекитилген графиктерге ылайык жүргүзүлгөн рейддердин негизинде райондордун борборлорунда, айылдардагы калктуу конуштарда илинген көрнөктөр, жарнамалар, тарбиялык маанидеги накыл сөздөр, макал-лакаптар жыл сайын эстетикалык талапка ылайык, мамлекеттик тилде сабаттуу жазылып, жаңыланып турат. Айылдардын, жер-суулардын, мекеме-ишканалардын, соода түйүндөрүнүн ж.б. аталыштары кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерине ылайык туура жазылуусу көзөмөлгө алынган.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын жер-жерлерде аткарылышы боюнча маселе облустук жана райондук кеңешмелерде байма-бай каралып, кемчиликтерди жоюу боюнча тиешелүү кызматтарга талаптар коюлуп турат.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясатын өнүктүрүү боюнча Улуттук комиссиянын кызматкерлери жана тиешелүү мамлекеттик кызматтар тарабынан облустун аймагындагы бардык райондордо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө” № 120 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринде жана уюмдарында иш кагаздарын уюштурууну өркүндөтүү жана заманбап маалыматтык технологияларды пайдалануу менен документ жүгүртүүнү камсыз кылуу максатында атайын бекитилген графиктин негизинде окутуу-семинарлары өткөрүлдү. Ага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппарат кызматкерлери, райондук мамлекеттик администрациялардын аппарат кызматкерлери, айыл өкмөттөрүнүн жооптуу катчылары жана облустук, райондук мекеме-уюмдардын, жогорку окуу жайларынын тиешелүү кызматкерлери катышышты. Анын негизинде бүгүнкү күндө райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана облустук мекеме-уюмдарынын иш кагаздары “Infodocs” электрондук документ жүгүртүү тутумунда толук мамлекеттик тилде жүргүзүлүп жатат. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын иш кагаздары да 100% мамлекеттик тилде жүргүзүлөт.

2023-жылдын сентябрь айында бардык райондордо жана облустук мекеме-уюмдарда жыйындар өткөрүлүп, 2023-жылдын 17-июлунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын жаңы редакциясы боюнча маалыматтар элге жеткирилди.

Мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка мамлекеттик уюмдардын жетекчилери өз кызматкерлеринин мамлекеттик тилди үйрөнүшүнө шарт түзүп, иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн камсыз кылууга милдеттүү. Өткөн жылы болуп өткөн “Сабаттуу жаз” акциясынын алкагында бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерден жат жазуулар алынып, зарыл болгон учурларда кызматкерлер үчүн кошумча окутуулар уюштурулду. Көп улуттун өкүлдөрү эмгектенген жамааттарда мамлекеттик тилди билүүсү, иш кагаздарын кыргыз тилинде сабаттуу жүргүзүүгө жетишүү максатында окутуулар үчүн шарттар түзүлүп, башка улуттагы кызматкерлерден мезгил-мезгили менен жат жазуулар алынып турат.

Бардык ведомстволук, мамлекеттик, муниципалдык жана атайын органдардын, мекеме-ишканалардын кызматкерлерин “Кыргызтест” системасынын талаптарына ылайык окутуулар жер-жерлерде уюштурулган жана жыл сайын кызматкерлер квалификацияларын жогорулатуу үчүн “Кыргызтест” сынагынан өтүп турушат.

Мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү максатында жыл бою китепканаларда, билим берүү мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында көптөгөн адабий музыкалуу кечелер, кереге кеңештер, төгөрөк столдор, жолугушуулар өткөрүлүп турат. Ал эми “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынган күнүнө карата “Ырдайлы кыргыз ырларын”, “Менин мекеним Кыргызстан” аталышындагы кароо-сынактар, “Тил достуктун тиреги”, “Тил байлыгы -эл байлыгы” аттуу конференциялар, “Улут наркы-улуу тил” деген темада райондук деңгээлде фестивалдар өткөрүлдү. “Тил кербени” аталышында чоң иш-чара өткөрүлүп, интеллектуалдык таймаш, суроо-жооптор, көркөм окуулар, тилди даңазалаган накыл кептер топтому уюштурулду. Жогорку окуу жайларында “Эне тилим – менин дилим” аттуу флешмоб, “Эне тилди барктайлы” темасында шайыр тапкычтар клубунун программалары, “Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили” аттуу фестиваль өткөрүлүп, студенттер активдүү катышышты.

Облустук жана райондук гезиттерде Кыргызстандын тарыхында мамлекеттик тилдин, жазма адабияттын түптөлүшүнө, жайылышына өзгөчө салым кошкон инсандар тууралында жана алардын чыгармаларынан үзүндү макалалар байма-бай чагылдырып турат.

Өсүп келе жаткан жаш муундарыбыз үчүн Кыргызстаныбызды сүйүү мамлекеттик тилибизди урматтоодон, кыргыз тилинде эркин сүйлөөдөн башталарын акыл-сезимдерине орнотушубуз керек. Жаштарыбыз келечекте кесипке ээ болуп, кызматтарда иштөөнү максат кылса анда кыргыз тилинде эркин сүйлөп, жаза билүү зарыл. Санариптештирүү доорунда эне тилибизди дагы өнүктүрүп, аны илимдин, жаңы технологиялардын тилине айлантуу милдети турат.

Тил саясатынын негизи мамлекеттик тилди жалпы элибиздин биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары ар тараптуу колдонуу менен аныкталат. Эне сүтү менен кошо жаралган эне тилибизди кастарлаганда гана биз улуттук жүзүбүздү, маданиятыбызды, рухубузду, каада-салттарыбызды сактап кала алабыз.

# Эбегейсиз ушул күндө, этникалык кыргыз дүйнө

*Улуттук комиссия “Эбегейсиз ушул күндө, этникалык кыргыз дүйнө” аттуу эл аралык көргөзмөнүн алкагында муундардын баарлашуусун өткөрдү*

2024-жылдын 17-майында Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия "Аталар Изи" коомдук фондунун жетекчиси Асел Калканова менен биргеликте КР Улуттук тарых музейинде Туркиянын Ван аймагынын Улуу Памир айылынан келген этникалык кыргыздардын азыркы абалы, тили, маданияты боюнча ЖОЖдордун окутуучулары жана студенттери менен муундардын баарлашуусун өткөрдү.

Иш-чарага Улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору Карлыгач Жумакадырова катышып, ал эми ушул эле борбордун окутуучусу жана Кыргыз билим берүү академиясынын Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери Айдай Бекбоева атайын баяндама жасап, бөбөктөр үчүн жазылган автордук китептерин белекке тапшырды.

Улуу Памир айылынан келген этникалык кыргыздар тарабынан мүмкүнчүлүккө жараша алардын аймагында 40 күндүк окууларды уюштурууну жана кыргызча китептер менен камсыздап берүү боюнча сунуштар айтылды.

Мындан сырткары көргөзмө 20-21-майда Ош облусунда уюштурулгандыктан, жогорудагы муундардын баарлашуусу да Ош шаарындагы жаштар арасында Улуттук комиссиянын аймактарды өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Алмагуль Телекманованын жана кызматкерлеринин катышуусунда өттү.

Бул эл аралык көргөзмө өлкөбүз үчүн чоң мааниге ээ, анткени кыйырдагы кыргыздар касиети жогору кол өнөрчүлүк талантты аркалап, улуттук баалуулуктарыбызды, маданиятыбызды, тилибизди ушул мезгилге чейин сактап, күнүмдүк турмушта колдонуусу кыргыз дүйнөсүнүн баалуулугун дагы да арттыруу менен бирге мекенибиз менен тыгыз байланышты түзөт.





ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5
(303)

31
05
2024

kyrgyztili@mail.ru

# «Диний чөйрөдөгү мамлекеттик тил саясаты» аталышындагы кереге кеңеш өттү

*14-майда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата «Диний чөйрөдөгү мамлекеттик тил саясаты» аталышындагы кереге кеңеш өттү.*



Кереге кеңешке КР Президентинин Администрациясынан стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн бөлүм башчысынын орун басары К.Жанузакова, КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын орун басары Канатбек Мидин уулу, Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийинин орун басары Атабаев Самидин кары, КР Билим берүү жана илим министрлигинин "Мамлекеттик тилди өнүктүрүү" секторунун башчысы А.Мамытов, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Теология" факультетинин деканы Н.Шамралиев, ошондой эле профессор, коомдук ишмер, КР Эл артисти Т. Казаков, врач, нарколог Өмүралиев Шайлообек, "Кыргыз тили" коомунун президенти Р. Курбанов, журналист, котормочу, аналитик Ж.Касаболотов, теолог-эксперт Маликов Кадыр, публицист, теолог, блоггер Кочкор уулу Элмурат, «Альфа Телеком» ЖАКтын тил адиси, котормочу С. Молдогазиева, "Скай Мобайл" ЖЧКнын башкы директору А.Пятахин, "ARIP_SCOOL" жеке каналынын негиздөөчүсү К.Кадыркулова, "Тилимпоз" социалдык долбоордун негиздөөчүсү Т. Нурдинов, мындан сырткары, Улуттук комиссияга караштуу "Кыргыз" энциклопедия жана терминология борборунун, "Кыргызтест" мекемесинин, Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун жетекчилери, "Кыргыз тили" гезитинин башкы редактору жана борбордук аппараттын бөлүм башчылары, кызматкерлери катышты.

«Бүгүнкү жыйындын алкагында талкууланган маселелерди чечүүдө мамлекеттин негизги символу, улуттун нукура касиети катары кыргыз тилинин кадыр-баркы мындан ары да көтөрүлүүгө тийиш жана мамлекеттик тилге кам көрүү, өркүндөтүү аны сактоо, жашоо-турмушубузга киңири жана терең киргизүү - ар бирибиздин милдетибиз экенин унутпайлы», - деди Улуттук комиссиянын төрагасы М.Мураталиев.

Жыйындын жүрүшүндө эркин талкуудан сырткары, суроо-жооптор орун алып, жыйынтыгында мамлекеттик тилдин диний чөйрөдө колдонулушу, диний терминдердин кыргызча аталыштары жана котормо маселелерин бирдейлештирүү боюнча сунуштар айтылды.







# Кыргыз тилинин тазалыгын сактоонун жолдору



**Жыргалбек КАСАБОЛОТОВ**

*Кайсы гана тил болбосун, замандын өтүшү менен жаңы түшүнүктөр жана терминдер менен байып, өзгөрүп жүрүп отурат. Бирок анын жүрүшүндө белгилүү бир эрежелер иштейт. Атап айтканда, эгерде кирип жаткан түшүнүктүн өзү кабыл алып жаткан тилде бар болсо, анда өз тилиндеги сөзгө которулат. Эгерде ал түшүнүк ага чейин жок, таптакыр жаңы болсо, анда башка тилдегисин алып, бирок өз көмөкөйүнө, сүйлөө ыгына ылайыкташтырып алат.*

Кыргыз тилине негизинен үч тил көп таасир эткен, алар – араб тили, фарс тили жана орус тили. Араб жана фарс тилдери мурдараак, орус тили кийинчерээк таасир эте баштаган. Бул үч тилден кирген көп сөздөрдү кыргыздар совет бийлиги биротоло орногонго чейин жогоруда айтылган экинчи принцип менен өздөштүрүп, өз көмөкөйүнө ылайыктап жүрүп отурган.

Араб тилинен кирген сөздөрдүн мисалдарын алсак, китап - китеп, мактап - мектеп, харам - арам, халал - адал, газават – казат, газель – казал, Мухаммад – Мукамбет, хадж – ажы, фарз – парыз, фитр – битир, масжид – мечит, саваб – сооп, суннат – сүннөт, аазаб – азап, аамал – амал, хакикат – акыйкат, хабар – кабар, ихтимал – ыктымал, инсаф – ынсап болуп кеткен.

Орус тилинен кирген сөздөрдүн кыргыз көмөкөйүнө ылайыкташуусуна самовар – самоор, табак – тамеки, церковь – чиркөө, купец – көпөс, миска – мискей, печка – меш, сцена - сахна, судья – сот, волость – болуш, картошка – картөшкө, доктор – доктур, бутылка – бөтөлкө болуп кеткенин мисал келтире алабыз.

Дүйнөлөшүүнүн күч алышы менен сырттан кирген сөздөрдү кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайыкташтыруу принциби бузула баштады. Чындыгында ал совет өкмөтүнүн үстөмдүгү менен эле башталган. Болбосо анын алгачкы жылдарындай эле аптобос, аптыракат, деректир, элеспет ж.б. деп айтып, айтмак тургай жаза беришибиз керек эле.

Салыштыра келсек, азыркы күнүмдүк кыргыз тилинин абалына эң зыяндуу таасир этип жаткан тил – орус тили. Анын негизги себептеринин бири – орус тилинин расмий статусу. Анткени көп учурда иш кагаздарынын жана башка контенттин баары адегенде орусча даярдалып, андан кийин гана кыргызчага которулуп келди. Котормонун тактыгын сактоо максаты тилдин өзөгүн жана тазалыгын сактоо максатына үстөмдүк кылып кетип жатат. Мунун айынан кыргыз тилиндеги тексттердин грамматикасы орус тилинин грамматикасына баш ийдирилип калган учурлар көп. Мисалы, «түйүн ичиндеги чалууЛАР», «кыйнооЛОРго каршы күрөш боюнча агенттик», «тил котормоЛОР агенттиги», «Мукай ЭлебаеВА көчөсү», «жансыз денеси», «БАШ мээси», «калктын САНЫ ӨСҮП», «БузууЛАР кодекси» сыяктуу каталар орус тилинен түз которулган үчүн кетип жатат. Мындан тышкары, «ключту берип койчу», «бул кайсы дом», «бул кайсы улица», «обязательно келип кет», «статьяң чыгыптыр», «рукописин калтырып кетти», «крупныйларын нары, мелкийлерин бери кой», «мишайт этип атасың» деп которбой-этпей эле кыргыз тилин булгап жаткан көрүнүштөр өтө көп.




Мынчалык масштабда болбосо да, араб тилинен кирген, бирок кыргыз тилинин эрфоэпиясына эчак ылайыкташып, расмий грамматикага кирип калган сөздөрдү кайра арабча айтуу аракети да күч алды. Мисалы, арамды харам, адалды халяль, ооз ачарды ифтар, берекени баракат, орозону рамазан, сабырды сабр, салам алейки дегенди вассаляааму алейкум ва баракатух деп айткандар көбөйүп баратат. Чын-чынында жогоруда айтылган сөздөрдүн биринчи варианттарынын баары кыргызга сиңип, кыргыз көмөкөйүнө бир нече кылым мурун ылайыкташып бүткөн сөздөр. Аларды кайра арабча орфоэпия менен айтуу тилди байытпай эле өзөгүнөн алыстатуу болуп эсептелет. Айталык, жамбы деген сөз кытай тилинен келген, юань бао – күмүш акча дегенди билдирет, бирок биз азыр анын кытайча вариантын айтпайбыз да.

«Аллах сизДЕН ыраазы болсун» деген да туура эмес. Кыргыз тилинин грамматикасына ылайык «сизГЕ ыраазы болсун» деп айтылат. Анткени кишиге карата айтканда деле «мен сенден ыраазы болдум» дебейт, «мен сага ыраазы болдум» дейт. Илгери биз бала кезде «Аллахым» деп эч ким сүйлөчү эмес, Кудай, Жараткан деп эле кайрылчу. Өтө динчилдери Алла же Алла-Таала деп коер эле.

Андыктан муфтият өз лексикасын кыргыз тилине жакындатууну кааласа адис тилчилер менен кеңешкени оң. Араб тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр боюнча илим жактаган тилчилер бар. Ошолордон арабдашкан эмес, кыргыз орфоэпиясына ылайыкташкан вариантын сураса айтып беришет. Ал тургай дин ишмерлери өз эмгектерине тилчилерди редактор кылып алышса алар басууга даярдалып жаткан иштердеги терминдерди кыргыз тилына жакындатууга жардам беришет.

Менимче, бул дин ишмерлеринин өз ийгилиги үчүн деле жакшы.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5 (303)

31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

# *"Эл менен бирге жашап, тилиң тапкын,*
# *Тууган кыл, дагы бирин – достой баккын."*

## КЫРГЫЗДЫН XI КЫЛЫМДАГЫ ЗАЛКАР ОЙЧУЛУ

*(Жусуп Баласагын)*

**Асан АКМАТОВ**

Кыргыз жана башка түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүн тарыхындагы өзгөчө барктуу инсан, Жусуп Баласагын Х1 кылымдын башында 1015-жылы жарык дүйнөгө келген. Акын жана чыгыш мусулман кайра жаралуу доорунун залкар ойчулу Жусуп Хас-Хажыб Караханийлер мамлекетинин борбору Баласагун (азыркы Токмок калаасынын түштүк тарабындагы Бурана аймагында) шаарында жашаган. Баласагун шаарынын дагы бир аталышы Куз-Ордо делинип, байыркы Орхон-Енисей кыргыз-түрк жазуу эстеликтеринде "куз" деген "теске" дегенди түшүндүргөн. Баласагын шаары тескей тараптагы тоонун этегинде жайгашып, кыргызча Тескей-Ордо маанисин берген. Улуу Кыргыз доору (1Х-Х кылымдар) менен бирге эле Карахандар доору учурдагы кыргыз мамлекеттүүлүгүн тарыхый пайдубалын түзүүгө жана чындоого зор салым кошкон.

Теңир-тоолук түрктөрдүн көчмөн эли негиздеген Карахандар каганаты Х-Х11 кылымдарда коомдук-саясий, экономикалык жана маданият жагынан бир кыйла өсүп-өнүгүп калган эң ири мамлекет болгон. Мына ушул доордо Жусуп Баласагын 54 жашында 18 айдын ичинде байыркы карахандык ортак түрк тилинде философиялык-насаатчыл "Кутадгу билиг" ("Куттуу билим") дастанын жараткан. Бул поэма биздин ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу маданияттын түпкү башатын ырастаган 85 бөлүмдөн, 13444 сап ырдан турган элдик кенч.

Жусуп Баласагындын көлөмдүү чыгармасын Кашкардын ханы Богра-хан деген титулу бар караханидерден болгон Арстан хандын небереси Али-Хасандын уулу Тобгач Караханга тартуу кылган. Кымбат белегине ыраазы болгон хан акынга ордо кызматкерлеринин өзгөчө сыйлуу мансабы болгон хас-хажиб наамын берген. Бул жөнүндө поэманын кириш сөзүндө "Бул китепти жазган баласагындык такыба, сыпаа киши. Ал китебин Кашкарда бүтүрүп, чыгыштын өкүмдары Табгач хандын ордосуна тартуу кылды, өкүмдар ага зор сый-урмат көрсөтүп, хас-хажиб наамын берип, анын зоболосун көтөрдү. Богра ханга кайрылып, аны сабырга, чогуу "туура жол издеп" калыс болууга үндөйт да, бул жарык дүйнөнүн "дөөлөтү" калпыс бийликке тире боло албастыгын айтып, болочокко толгонот. Жусуп Баласагын өмүрдүн куштай тездигин, бир ордунда турбас жаштыкты, өкүмү күч карылыкты, достуктун бекемдигин, душмандын кастыгын,улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо жөнүндө илимий көз караштан талдоого алган. Акындын эрки, ыйман-чындыгын жашырбастыгы, айкөлдүгү ордо төрөлөрүн таң калтырбай койбойт. Жусуп Баласагын чыгармасында акындык чебер ыкма менен адамдарды адилеттүүлүкө, илим-билимге, дос-душманын тааный билүүгө чакырат, аткаминерлерди паракордук, зулумдук, сүткорлук, адлетсиздик сыяктуу жосунсуз жорукдардан алыс болууга үндөп келген айрым ыр саптарынан орун бере кетели.

*Улуулукка кол сунуп жетем деген,*
*Жакын болсун кызматчы –ишчи менен.*
*Бек сени канча баалап жакын тутса,*
*Адилеттүү баарына болгун кайра!"*
*" Кичүүлөр улуулардан урмат көрөт,*
*Улууга кызмат кылган бакыт делет.*
*Улууларды урматта, акылын ук,*
*Улуунун сөзүн уксаң – дөөлөт келет!"*
*Достук бар ажырагыс кудай сүйгөн,*
*Өмүр бою кыйшайбай туура жүргөн.*
*Эгер сен теңир кошкон болсоң достон,*
*Дос түйшүгүн тең көтөр, козголбостон.*
*Дос издө өз пайдасын көздөбөгөн,*
*Аны тапсаң – бактылуу болосуң сен.*
*Дос деген-жакшылыкта, жамандыкта,*
*Жөлөк болуп ар дайым даяр турса.*
*Эгер сен доско жакшы болом десең*
*Адил бол, доско ашың болсун кенен.*
*Душмандын да болушат эки түрү*
*Жайышкан каска торун кыйын билүү.*
*Бири – душман теңирдин жолун бузган,*
*Ал капырлар – түпкүрү диний душман.*

Акындын поэмасынын бир нускасы Австриянын Бена шаарында, экинчиси Египеттин борбору Каирде, үчүнчүсү Өзбекстан мамлекетинин Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун кол жазмалар фондунда сакталууда. Каир жана Наманган шаарынан табылган нускалар араб арибы менен жазылып, акындын атагы Чыгыш өлкөлөрүнүн көбүндө- Иранда, Кытайда жана "Түрктөрдүн жергесинде" кеңири белгилүү болгон.

Жусуп Баласагындын мурасы жалаң гана кыргыз элине эмес, жалпы түрк калктарына ортак, кыргыз элинин маданий дөөлөтү, рухaний дүйнөсүнүн байлыгын жараткан.

---

*Бактылуу балалык орногон бакчада*

Мира ДЖАМАНКУЛОВА:

# "ЭНЕ ТИЛДИ ҮЙРӨТҮҮНҮ БАЛА БАКЧАДАН БАШТОО КЕРЕК"

Бала дегенде баарыбыздын көз алдыбызга таза дүйнө, аруу сезим, таттуу сөз тартылат . «Балам бактым- балам базарым» - деп эзелтен ата-энелерибиз жан дүйнөсү эзилип, мээримин төгүп, бапестеп багып, өмүрү өткүчө алпештеп жүрөт эмеспи. Андыктан балдар биздин – бактыбыз, ырысыбыз, келечегибиз, көчүбүздү уланта турган урпактарыбыз. Эртеңки келечек ээлерин ,Ата мекенибиздин татыктуу уул-кыздарын эгемендүү мамлекетибиздеги мектепке чейинки балдар бакчаларында кандай тарбияланууда деген ой менен Ысык-Ата районундагы Киргшелк айылында жайгашкан «Бактылуу Баластан" Мира Джаманкулова жетектеген бала бакчага баш бактык.

« Эшигин көрүп, төрүнө өт» дегендей айланасын жашыл бак-дарак курчаган " Бактылуу Баластан" бала бакчасынын эки кабаттуу имаратынын тегереги тыкан тазаланып, балдардын сыртта ойногон жерлери жаш курагына жараша чебер жасалгаланган. 2014-жылы ачылган бул бала бакча кайрадан толугу менен заманыбызга жараша жасалып, капиталдык ремонттон мыкты өткөнү көрүнүп турат. Учурда эки жаштан жети жашка чейин 150 татынакай бөбөктөр жогорку билимдүү тарбиячылар тарабынан багылып,окутулуп мээримдүү камкордукка бөлөнгөн. Үч маал түрдүү, даамдуу тамак-аш берилип, айыл өкмөтү тарабынан бир балага 18 сом жана ата-энелердин эсебинен 70 сом каржыланат. Бакчага балдарды кабылдоодо биринчи кезекте ушул аймакта жашаган балдар кабыл алынат, тилеккке каршы коңшу айылдарда бала бакчалар жетишпегендиктен Новопокровка, Люксебург,Логвиненко айылдарынан жана Кант шаарынан бери бала бакчада тарбияланып келет.

– Биздин негизги башкы милдетибиз балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо менен аларга татыктуу тарбия берүүдейт директор Мира Көкүловна,- биздин милдет тарбиячылар, мугалимдер медайым менен биргеликте балдардын ден соолугун чыңдоо, туура өсүп өнүгүшүнө, гигиеналык эрежелерди сактап балдардын ден соолугуна убагында кам көрүү болуп эсептелет. Балдардын убалы менен тамактанышына, таза абада эс алуусуна көңүл буруп, дене тарбиялык көнүгүүлөрдү өткөрүү менен ар кандай ооруларга каршы турууга берүүгө тарбиялап келебиз. Балдар үч маал витаминдүү азыктар менен тамактандырып, көп жылдан бери иштеген медайым Жылдыз Шайылдабекова ден соолуктарына көз салат. Бизде негизинен эмгекчил жаш кыз-келиндер иштешет, алардын катарына тарбиячылар Нургүл Орунбаева, Бактыгүл Исмаилова, Каныкей Абдылдаева, Заида Асаналиева, Айзада Мураталиева, Тумар Мамбетказиева, жардамчылар Касиет Кылычбекова, Назгүл Сүйөркулова, Тамара Атаналиева, Назира Умралиева, музыка сабагынын мугалими Ольга Лис, чарба башчысы Нургүл Өмүралиева, ашпозчулар Динара Токтосопиевалар ата-энелерди алкыштарына татып жүрүшөт.

Ооба, бардык адистер өзүлөрүнүн иштерин так аткаруу менен бирге балдарга мээримдүүлүк менен мамиле жасашып, балдарга болгон сүйүүсүн, билимин талыкпай балдарга берип келишүүдө. Сөз байлыгын көбөйтүүгө үйрөтүп, сүрөт тартууга шыктандырып, дене тарбия, музыка дүйнөсү, кыскасы мамлекеттик стандартта каралган сабактардын баарысы өтүп турат. Мындан сырткары кошумча билим берүү тармагы боюнча кыргыз, англис тилдерин үйрөтүп, окутушат. Ошондой эле музыка, бий жагына көбүрөөк басым жасап, эстетиканын үстүндө атайын музыкант адис иштейт экен.

Бир нече Ардак грамоталардын ээси Джаманкулова Мира Кокүловна И.Арабаева атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетин аяктаган. Эмгек чыйырын Ысык-Ата районундагы «Келечек" бала бакчасында тарбиячы, "40 лет Октября" колхозунда бала бакчанын башчысы, Чүй облустук архивдин директору, Люксембург айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, 2014-жылдан "Бактылуу Баластан" бала бакчасынын бшчысы. Адамкерчиликтин эң кылдат, назик сезимдеринин күчүнө ошондой эле инсандын бийик сапатына эгедер болгон Көкүл Жаманкулов, атабыз менен бирге өтөгөн өзүнүн жашоодогу жолу кыска болгону менен, элдин эсиндеги сапары узак, өмүрү аз болгону менен элине кылган эмгеги опол тоодой эмгек өтөгөн Кайырбүбү Баисова Лира,Мира, Жылдыз аттуу кыздарына терең билимге багыт беришип, татыктуу тарбиялашкан.

***

– Эне тилин үйрөтүүнү бала бакчадан баштоо керек,- дейт Мира айым,- бул ишти балдарга жеткиликтүү түрдө оюн аркылуу үйрөтүүнү жүргүзүп келебиз. "Канча тил билсең, ошончо дил билесиң" дегендей канчалык көп тилде сүйлөй алсаң ошончолук жан дүйнөсү бай болот дейбиз. Баардык окуу программасы оюн аркылуу үйрөнөбүз деген принципте жүргүзүлөт. Башкача айтканда сабактарды оюн ирээтинде өткөрөбүз. Биздин бакчада оюнга өзгөчө маани берилет. Анткени бала оюн аркылуу окуганды, санаганды, айлана чөйрөнү таануну үйрөнөт. Ар кандай көргөзмөлөрдү, эстетикалык тарбиялоо боюнча семинарларды өткөрөбүз. Бала бакчанын алдына коюлган максаттарын ишке ашырууда педогогикалык жана тарбия иштерин эң жогорку деңгээлде жүргүзүү үчүн жогорку билимдүү адистер иштейт.

6 тайпада бардык ыңгайлуу шарттар түзүлүп, жаш курагына ылайык бөбөктөрдүн тамак ичкен жана уктоочу бөлмөлөрү, ойноп-окуган жерлери тегиз иреетелип, оюнчуктун түрлөрү, балдарды окутуп-тарбиялоодо колдонуучу кыргыз адабияттарынан баштап орус, англис тилдерин үйрөтүүчү китептер, усулдук адабияттар, көргөзмө куралдар менен толук жабдылганына күбө болдук. Уюштургуч жөндөмдүүлүгү жогору, дасыккан адис бала бакчанын башчысы Мира Джаманкулова ар бир баланын ден соолугуна, окуп, билим алуусуна өзгөчө көңүл буруп, балдардын ата-энелери , өз жамааты менен тыгыз иштөөнү колго алган. Аталган бала бакчанын эки кабаттуу имаратынын сырткыры көрүнүшү көз жоосун алып көркөмдөлсө, ичине кирген адам алгач андагы кыпындай кыл жатпаган тазалыкты, жаш бөбөктөргө ылайыкталган нээ бир түркүн сүрөттөрдү, бала бакчага берилген сертификат, алардын эмгегин баалаган Ардак грамоталар илинген өзүнчө бурч, балдарга арналган ар кандай оюн-зоок өтүүчү мыкты жасалган музыкалык чоң залды көргөнүбүздө көңүл кушубуз көкөлөп калды.

– Балдарга,- дейт Мира Көкүловна,- кыргыздын каада-салтын, улуттук үрп адатын, ыр-бийлерин үйрөтүп эле тим болбостон жомок дүйнөсүнө сүңгүп киргизип алардын каарманына айлантабыз. Гимнди, Манасты хор менен айтышат. Кыргыз тил, Жаңы Жыл, Нооруз майрамдары жөнүндө кеңири маалымат берип, ал майрамдарды жогорку деңгээлде өткөргөнгө жетишип турабыз. Учурдан пайдаланып бизге көп көмөк көрсөтүп, иштердин илгерлешине жакшы жардам берип, келаткан Ысык-Ата районунун Люксембург айыл өкмөтүнүн башчысы Эсенбол Буйляшевго жалпы жамаатынын атынан ыразычылык билдирип кетебиз.

Бар менен жокту, адал менен арамды билбеген, жан дүйнөсүн жаркыратып күлкүгө, ызы-чууга айландырган ананайын балдар дүйнөсүнөн өтөрү жоктур. Баёлук менен менен аруулукка толгон колуна арзыбаган белекти да карматсаң кудундап сүйүнүп, айланаңы жаңыртып, тунук күлкүсү менен жан-дүйнөңдү тазартат.

*«Көлөкөлөп көңүл ачарым,*
*Берекелеп жарпым жазарым,*
*Бал татыган балдыр тили бар,*
*Балам бактым, балам мазарым»* - деп улуу акын Эсенгул Ибраев агабыз таамай жазып кеткендей, быйтыйган оозунан бал татыган балдыр тили менен көңүлдү сергиткен, эртеңки келечек ээлерин өз энесиндей багып, мээримин төккөн мээнеткеч тарбиячыларга, наристелердин назик аяр дүйнөсүн астейдил түшүнүп, аларга күн нурундай жылуу мээримин төгүп, энелик таза жүрөгү, чыдамкайлыгы, боорукерлиги менен түтүп келаткан, маданияттуулугу, ыймандуулугу, патриотуулугу менен айырмаланган бала бакчанын башчысы Мира айымдын ынтымактуу жамаатынын иштерин ийгилик жыйоолой берсин демекчибиз.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№5 (303)
31 05 2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5 (303)

31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АРСТАНБЕК

(1824 - 1884)
(Экинчи макала)



**Садык АЛАХАН**

Арстанбектин балалык жана боз улан курагы 1709 – 10-жылдары Шахрук бий тарабынан негизделип, 1876-жылы Орус империясы тарабынан кулаган, б.а. дээрлик 165 жыл өмүр сүргөн Кокон хандыгынын кыргыздарды бийлеп турган учуруна туш келди. Арстанбек он алтыга келгенде тынымсейит уруусунун Буйлаш баш болгон эл бийлеген беш-алты адамын Алымбек датка саркерлерин жиберип ордого алдырат. Болжолу тоолук эл башчылардын ордо алдында жарыя айтылбаган күнөөлөрү болсо керек. Балтыр эти ката элек бала ырчынын ушул учурдагы күндөрү жөнүндөгү эл оозундагы сөздөрдү дыкаттык менен жыйнаган Т.Саманчин буларды жазат: “Мен да силер менен кошо барайын” деп атасынан суранат. “Сени ээрчиткидей, биз тойго бара жатканыбыз жок” – деп атасы Арстанбекти кагат да жөнөп кетет. Алыска жол тартып, эл аралап көрсөм деп, көптөн бери смап жүргөн Арстанбек эми делөөрүп, санаасы тынбайт. Атасынын айдалып бараткан менен анын иши жок. Анын атасынын артынан жөнөсөм экен деген ой чырмап, алпурушуп, бардык аракетин кылат. Чоң үйдөгү күнү катындын балдарынын бир кунанын уурдап минип алып, комузун койнуна катып, атасынан артынан Анжыянды бет алып жөнөп кетет. Бойлошту баш кылып тынымсейиттин мыктыларын Алымбек датка ак үйлүү набакка салып, сурак кылат.

Бул учурда Арстанбек да Анжианга жете барат. Бирок атасын издебестен шаар аралап, шаардын чет жакасындагы кыргыз айылын кыдырып, комузун чертип ырдап жүрө берет. Арстанбектин черткен комузу жана ыры бул өрөөндөгү кыргыздардын арасына бир далай даңаза болот. “Бир аркалык комузчу бала келип, эл кыдырып, комузун чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуу чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт” деген кабар Алымбек даткага жетет. Алымбек угаары менен саркерлерин чаптырып, бул аркалык комузчу баланы издетип, таптырып алат”. (2. 155 – 156-бб.)

“Ырчы, комузчуларды жыйнап алып, чарбактын ичинде жолдош-жоролору менен тамаша кылып олтурган Алымбек датка адегенде эле бул аркалык комузчу баланы комузчулары менен беттештирет, – деп өз сөзүн улантат кыргыз адабияттаануусунун негиздөөчүсү. – Арстанбек Алымбек датканын комузчуларынын тапшырган күүлөрүнүн бардыгын чертип кетет. Анан датканын уруксаты менен өзү күү чертип, датканын комузчуларына тапшырат. Алар Арстанбектин тапшырган күүлөрүнүн бирин да аткара алышпайт. Ошентип Арстанбек сыйга жетишет. Бир топ күн Арстанбек бар өнөрүн чыгарып, даткаларга эрмек болуп, алардын көңүлүн алып, мактап ырдап жүрөт. Ошондо даткаларды мындайча мактап ырдаган:

*Баракеле эр кыпчак,*
*Саадактары бир кучак,*
*Санжыргалуу кан кыпчак,*
*Жорголору жолдо өлгөн,*
*Саркерлери жоодо өлгөн.*
*Тобурчак жемге какаптыр,*
*Он алтыда Арстанбек*
*Эр кыпчакты мактаптыр.*
*Аркалыктын жакшысы,*
*Кыйыгына тийгенде*
*Кысырактай матаптыр.*

Арстанбектин мындай ырлары даткалардын көңулүнө аябай жагат. Алар Арстанбекти ырчы кылып алууга ниеттенишет. Арстанбек ыры жана комузу менен даткалардын кадырына жеткенден кийин, аларга жайын айтып, тынымсейиттин мыктылары ошентип Алымбек датканын туткунунан бошоп, Арстанбектин тапкан ожо-буйласын артынып алышып, элине кетишет. Арстанбекти Алымбек датка жанына алып калат. Эми Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, көп той-тамашалардын үстүндө болот. Анжиан, Кокон тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен учурашат,беттешкендерин бет алдырбай жеңе берет. Ошентип, Арстанбек өз элинен ооп келип, башка эл, башка жерде өнөрүн кенен өстүрүп, ырчы жана комузчу деген чоң атакка ээ болот.

Жыл маалы болду дегенде Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, көп олжо-буйла менен элине кайтат. Анын жетишкен даңкы бир нече атка арткан олжосунан алда канча ашып түшөт.

Арстанбек Анжиан жакта жүргөндө кабары элге катуу угулат. Эми Арстанбекти эл жорго менен жолдон тосуп алышат. Ага көрсөткөн элинин сый, урматы өтө чоң болот. Ушундан тартып бир да каадалуу той, тамаша Арстанбексиз өтпөй калат. Эми Анжиан эмес, аркалыктардын ырчы, комузчуларынын эч кимиси Арстанбек менен беттеше албас болот. Ошентип, Арстанбек ыр менен комуз жагынан Анжиан, Арканы кошо басып казактын акындары менен айтышып, домбырачылар менен чертишип, казак журтуна да бир далай белгилүү болот.” (2. 156 – 158-бб.)

Бул жерде айрыкча Алымбек датканын жаш ырчыга жасаган аталык камкордугун, талантты кадырлап баалай билген көкүрөгү тунук журт атасы болгондугун баса белгилеп кеткенибиз оң. Торгойдой баланы канатына калкалап табына келтирүү көрүнгөн эле өкүмдардын колунан келе бербейт эмеспи. Аркадан барып Анжиан аралап жүргөн мезгили кой артында корунуп жүргөн Арстанбек үчүн ырчылыктын өзүнчө бир кайталангыс мектеби болгон. Мунү улуу төкмө өзү да, башка улуу-кичүү ырчылар да тереңден туюнушкан. Ошол күндөрүн эскерип кийин көз өтөр алдындагы “Керээз” деген ырында ырчы минтип айткан:

*Коконго барып жашымда*
*Кыпчактардын ыктуусун,*
*Ордо хандын мыктысын,*
*Бирден терип ырдадым,*
*Кыйлаларын сындадым,*
*Сарт аке менен беттештим,*
*Комузда күү чертиштим*
*Анжиан, Кокон аралап,*
*Ырчылыгым дааналап,*
*Кайта келдим пааналап.* (6. 15-б.)

Арстанбектин ошол күндөрүн Жеңижок да моминтип ырга кошкон:

*Калк ырчысы Арстанбек*
*Кабарыңды көп уктум.*
*Анжиан, Кокон аралап,*
*Алымбекти пааналап,*
*Ырдап кеткен деп уктум,*
*Кокон хандын ордодо*
*Коно жүрүп бир жылча*
*Ордо толо ырчыны*
*Сындап кеткен деп уктум.*
*Омурткасын омкоруп,*
*Озуп кеткен деп уктум.* (6. 129-б.)

Улуу ырчынын Кокон хандыгы, анын кыргыз элине жасаган зордукчул саясаты жөнүндөгү ырлары калың калктын көөдөнүн эзген ой-саналар менен шайкеш келип, жүрөктөгү дарт, көкүрөктөгү арман, мүдөөнү жогорку деңгээлде жарыя айтканы менен айырмаланып турушат жана ырчынын дал ушул багыттагы чыгармалары Арстанбектин нукура элдик талант экендигинин айкын күбөсү болуп эсептелет. Адабиятчы Шаршенбек Үмөталиев адилет белгилегендей “Арстанбектин Кокон хандыгына байланыштуу ырлары ошол кездеги кыргыз элинин түпкү максаттарына жооп берген элдик патриотизм духундагы чыгармалардан болуп эсептелет. Анда өз эл, жерди терең сүйүү, көз каранды болбосо, баскынчыларды жек көрүү жана боштондук идеялары берилген”. (7. 272-б.)

***

Улуу ырчы Арстанбек кыргыз эли баштан кечирген ошол өткөн кылымдын орто ченииндеги дээрлик бардык урунттуу окуялардын чордонунда болуптур. Кокон хандыгынын кандуу бийлигин көрүптүр, элүүнчү жылдардагы бугу менен сарбагыштардын жүрөк-жүлүндү өрттөгөн согуштарына катышып, азабын чегиптир, казак ханы Кенесарынын кыргыздарга жасаган жортуулу да залкар төкмөнүн чыгармачылыгынын гүлдөй баштаган учуруна туш келет. Ал эми жаңыдан оторчулук саясатын жүргүзө баштаган Орус империясынын кыргыз жеринин кыйырын койбой колго ала баштаганын да көрүп калды. Демек ,ушундай орошон окуялар дили тунук, сезими курч, таланты ташкындаган ырчынын чыгармаларынан орун алып, ырчыны түйшөлткөн өзөктүк проблемаларга айланышы өзүнөн өзү түшүнүктүү нерсе эле. Ырасында эле ошондой болду. Алгач жаш куракта күйгөн, секетбай ырларын ырдап, эл арасына тааныла баштаса, кийин заман көйгөйүн, турмуштун запкысын, бай менен кедейди, бей-бечаралардын кунарсыз турмушун ырга кошо баштады. Бул кезде Кокон хандыгынын бийлиги өкүм сүрүп, турмуштун кунары таптакыр кача, элдин азабы ашып турган чак эле. Кокон бийлиги учурунда:

*Тегереги кыргыздын*
*Темирден тарткан тор болду.*
*Түшкөн жери кыргыздын*
*Кырк кулач терең ор болду.*
*Көчмөндүү биздин көп кыргыз*
*Көк чапан сартка кор болду.*

*Ырасында эле*
*Аргымагын кекейтип,*
*Көк кепичин тепейтип,*
*Кокондуктун кордугу,*
*Ашкере өттү зордугу.* (6. 103-б.)

Бүгүнкү айрым илимпоз-окумуштуулар Кокон хандыгынын бийлиги Арка кыргызынын аймагында бир топ бошоң болгон деген ойлорду айтышып, бул пикирлерин Арка кыргызынын Жангарач, Ормон, Боронбай сыяктуу эл башыларынын өз өзүнчө журт башкарып келгендиктери менен бекемдегилери келишет. Ооба, солто, сарбагыш, бугулардын аталган төбөлдөрү салыштырмалуу түрдө гана өз алдынча болушканы менен, биринчиден, аймактык жактан Ордонун ичинде болушкан, экинчиден, бирдиктүү акча бирдигин – коконду – колдонушкан (базарда кулундуу бээнин баасы алты кокон болгон; эл ичинде «колунда кокон тыйыны жок» деген сөз ошол Кокон хандыгынын бирдиктүү акча бирдигинен келип чыккан), үчүнчүдөн, бул эң башкысы, хандыктын букарасы, атуулу катары жалпыга бирдей зекет төлөп турушкан. Демек, азыркы Кыргызстандын аймагы жалпы бирдей 165 жыл өмүр сүргөн Кокон хандыгынын кол алдында болгон десек анча деле осол ишти айтпаган болобуз. Ал эми Ордонун бийлиги канчалык катаал, канчалык заардуу болду – бул башка маселе. Анын дал ушундай зордукчул бийлигинен улам хандыкка баш ийген жерлердин ар кайсы чөлкөмдөрүнөн эркиндик үчүн болгон күрөштүн учкундары тутанып турган. Эл ичинде терең наразычылыктар пайда боло баштаган. Арстанбек ырчы Кокон хандыгынын дал мына ушул ашкере зордукчул бийлигин, хандыктын жер-жерлердеги өкүлдөрүнүн карамүртөз жоруктарын ырынын бутасына алып, терең наразычылыгын билдире жарыя салган:

*Каарына алганда*
*Бели катуу эрлерди*
*Жарып турат кокондук.* (6. 104-б.)

*Мына ушундай. Ал турсун:*
*Караколдо сарт ойнойт,*
*Эриккенде карта ойнойт,*
*Акча сайып март ойнойт.*
*Кокондук алды көлүңдү,*
*Кокуйлатты элиңди.*
*Көлдүн башын сарт алды,*
*Көкүрөктү дарт чалды.*
(6. 105-б.)

Кокон бийлигинен кийин журтубуз орус империясынын карамагына өттү. Заман эми таптакыр өзгөрдү. Мурдагы нугу бузулуп, мурун-соңгу болуп көрбөгөн таптакыр бөлөкбөтөн багытка түштү. Тарыхтын мындай аңкилдек атышы Арстанбек ырчынын жан дүйнөсүн аңтар-теңтер кылып, акыл-сезимин түптамырынан бери астын-үстүн кылды. Көрсө бул орустун:

*Көлөкөлүү телпеги*
*Жоо дегенде элпеги,*
*Кырчын экен чарбагы,*
*Кыйын экен арбагы.*
*Карагай экен чарбагы,*
*Катуу экен салмагы.* (6. 113-б.)



# Асанбек Стамовдун “Хан Тейиш” романы

**Аскар МЕДЕТОВ.**
**Филология илимдеринин кандидаты**

Чейрек кылымдан бери кыргыз адабиятында тарых темасына кайрылуу тенденциясы күч алды. Анткени мурда илимий максатта гана пайдаланылып келген элдин этногенезине, уруулардын генеологиясына, тарыхый окуяларга, инсандарга байланыштуу санжыралар, миф, легендалар, уламыштардын, тарыхый баяндардын эгемендүүлүктүн жылдарында кеңири жарыяланышы менен элдин өткөн тарыхына кайрылуу, тегин сүрүштүрүү, даяр сюжеттерди көчүрүү, кокту баатырларын даңазалоо өзүнчө эле “бумга” айланды. Дилетантизмден өйдө көтөрүлө албаган саман – топону аралаш мындай чыгармалардын эсебин алуу, дурус-буруш жактарын электен өткөрүп, жалпылаштырып кароонун да кези келээр.

Азыр болсо, 60-жылдары кыргыз адабиятына келип кошулган О.Султанов, А.Жакыпбеков, М.Гапаров, М.Байжиев, Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытов сыяктуу “жаңы генерациядагы” (Ч.Айтматов) талантуу муундун өкүлү, “Кеч күздө”, “Нөшөрдөн кийин”, “Чүй баяны” повесттериндеги эстетикалык ачылгалары менен окурман журтуна кеңири белгилүү болгон жазуучу Асанбек Стамовдун “Хан Тейиш” романы жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Жазуучу тарыхый темага 90-жылдары кайрылып, “Жортуул” романын жазган. Демек, ал “Хан Тейишти” жазууга качан эле камынып, чоң даярдыктан өткөнү, өзүнө чейинки тарыхый романдардын салттарын сын көз менен карап өздөштүргөнү көрүнүп турат.

Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” романын, Ш.Садыбакасовдун “Ак боз ат” драмасын эске албаганда, кыргыз адабиятында тарыхый жанрдагы чыгармаларда XIX кылымдагы кыргыз-казак чабышы уруулук араздашуулар Кокон хандыгы Оруссияга кошулуу сыяктуу окуялар чагылдырылат. Ал эми XV-XVI кылымдардагы жунгар-ойрот доорунун “дыңы” бузула элек. Анан калса социализмдин алкагында калыптанган жазуучуларыбыз буга чейин эл каймагы болгон ак сөөктөрдүн, баатырлардын образдарын тарыхый чыгармаларда таптык позициядан карап бир жактуу сүрөттөп келген. Ушул кенемтени А.Стамов “Хан Тейиш” романындагы Манап бий, Чаа бий, Тейиш хан, Кошой бий, Байтик баатыр сыяктуу баатырлардын терең иликтенген жаркын образдары менен толуктаган.

Жазуучу тарыхый турмуштун агымын панорамалуу чагылдырып, Манап бий, Чаа бий, Эр Эшим, Тейиш хан, Эр Кошой, Бишкек баатыр сыяктуу тарыхый инсандар биринчи планда индивидуалдуу мүнөздөрү, кыйын кырдаалдарда жол таба билген көсөм, чечкиндүү, көкжал сапаттары менен сүрөттөлөт. Сюжеттин өнүгүшүндөгү хроникалуу элементтер, композициялык көп пландуулук сыяктуу сүрөттөөнүн масштабдуулугун көрсөткөн негизги белгилер романдын көркөм структурасынын урунттуу жагдайларын түзөт.

Романда баяндоо эки планда жүргүзүлөт: каармандын жан дүйнөсүн, кылык-жоругун, кулк-мүнөзүн ачып берген индивидуалдуу жана майдан талаасын, тарыхый окуяларды кеңири камтыган панорамалуу сүрөттөө. Романда тарыхый сүрөттөөнүн жаңы сапатка өткөнүн байкоого болот. Жазуучу романында көчмөн доордун турмушун, элдик ырым-жырымдарды, каадасалттарды терең изилдеп, ар тараптан кеңири камтыйт. Кыргызды кыйсыпыр түшүргөн Жунгар доору чоң тема. Романда үч муундун өмүр-тагдыры кеңири мезгил мейкиндикте өтөт. Кыргыз эли ошол оор күндөрдө тагдыр шамалы айдап Ысарга чейин көчүүгө аргасыз болот, драмалуу, ары трагедиялуу ошол учурду жазуучу катаал реализм менен сүрөттөгөн. Өзүнүн кулк-мүнөзү, көз карашы, жан дүйнөсү менен жашаган өзүнүн тагдыры бар жандуу каармандар менен роман жанрын байыткан. Автор роман жанрынын эстетикалык табиятын терең өздөштүргөн, каармандардын психологиясын ичкериден терең изилдеп, алар индивидуалдуу речке ээ болгон.




Мисалы, алам дегенин алып, чалам дегенин чалып, баатыр десе баатыр, келкели келип турган Жарбаң калмактар менен могуштагы эрөөлдө олжолоп алып колунда турган бактысы – Сыңаруу сулууну соогатка кармата берип, өксүп калганы... “Сыңаруу кара көздүн мыкты жигитти эр жигит кыла турган, эр жигитти шер жигит кыла турган көсөм, зирек аялзаты экенин көрө билген өгөй энеси Кымбат:

– Бир олжо кыз ала келипсин, аны мага бер, соогат деп сураганым эле ошол. Алам десең сендей баатырга кыз жокпу? Колго түшкөн кызга үйлөнүп жаман атты болбо, уулум. Жарбаң дагы эле сөз төркүнүн түшүнгөн жок.

– Жарыктык, олжо кызды сурап алып эмне кыласыз?

– Аны жанагы жаман иниң Сүтөйгө алып берип, күң кылып жумшаймын. Ининдин бир илдети бар, билесин. Ага олжо кыз эле жарашат...

– Ала бериниз, эне. Сүтөйгө кут болсун калмак кызы, - деп коюп, камырабай басып кетти Жарбаң баатыр”. Ушул сүйлөшүүдөн кийинки чечимден Сүтөйдүн багы ачылып, ойрот кызы ага оомат алып келет. Оорусунан корунуп, элге аралаша албай басынып жүргөн Сүтөйдү илдетинен какыс айыктырып, чекесине кыл жугузбай, “атын өзү токуп,башына сүлөөсүн тебетей кийгизип, аппак чепкен жаап, аппак көйнөктү мойнунан үзбөй” үйрүлүп түшкөн калмак кызынын мээрими Сүтөйдүн жандүйнөсүндө бугуп жаткан бакубат ички мумкүнчүлүктөрүн ойготуп, Сүтөй курч, көкжал, сөөлөттүү ак сөөк болуп чыга келет. Бул өзгөрүү романда психологиялык жактан ишенимдүү мотивировкаланган. Бирок Сүтөй эл каймагы болгон, журт туткасы болгон топко жөн салды эле кошула алмак эмес, алдында Жарбаң деген баатыр агасы турса ага жол тиймек эмес, ошон үчүн Сыңаруу келин анын да айласын эч кандай курмандыксыз, кан чыгарбай эле табат. Өзүнүн күнүн аң уулап жүргөн кайнагасы Жарбаңга жөнөтүп, алдатып, апийим кошулган кымыз берип уктатып, күң баатырдын үстүнөн үч аттайт. «.... Жарбаң бир мандемди сезгендей дароо чочуп ойгонду. Ал кезде балекет келин кула байталды тызылдатып чаап, учуп-күйүп бараткан эле. Текебай да келин баатырды аттап кеткенин көрүп калыптыр.

– Баатыр, үстүңдөн аттап кетти! - деп кыйкырган бойдон ордунан тура албайт. Апийим кошулган кымыз экөөнү алсыратып таштаган.

– Карма, Текебай, кууп жетип, башын ал! - деп катуу кыйкырганы менен шалдырап эси ооғон бойдон ордунан туруп кетүүгө дарманы келген жок. Жаман жышааны сезген Жарбаңдын айласы куруп, өзүнчө мaң болуп калды.

– Жеди мени, жеди, - деп оңтоп жатты баатыр. Баатыр эч ким менен жүз көрүшүп сүйлөшпөй, бир нече күн үйүнөн чыга албады”.



Элдик ырым боюнча баатырдын үстүнөн күң аттап кетсе, намысын алдырган-дай, багы тайып, жүдөп калчу экен. Баатырды амал менен чалып жыгып, алдыда болчу окуянын өнүгүүсүн алаканга салгандай көрүп турган Сыңаруу кайненесине:

“ – Чаар атчан баатыр кайниңиз келет дейт, хан ордого агасынын ордуна Сүтөйдү кошуп жибериңиз. Чоң уулунуз көпкө чейин оңоло албай калды окшойт. Баатыр кайнага үйдөн даам ооз тийип кетсин деп байтал бээ менен семиз тайды эшик алдына байлатып койду келин”. Ошондон кийин Сүтөйдүн жолу ачылып, атасы Манап бийдин жолун жолдоп, журт атасы болуптур.

Бул эпизоддордон жана Жарбаң баатырдын армандуу тайкы тагдырынан көчмөндөрдүн бийлик үчүн эгешүүсү хансарайдагыдай эле айла-амалдар менен ырайымсыз жүргүзүлө тургандыгын далилдейт. Оорулуу уулунун аргасын таба албай жүргөн көрөгөч өгөй энесине алдатып, ичинен түтөп, куйүттүү өмүр сүргөн Жарбаң баатырдын образы, олжого келген Сыңаруу кыздын образы аркылуу көчмөн коомундагы аялдын ролун, маанисин ачып көрсөткөн.

Чыгармада баяндоо формасы мезгилге, окуяга, кырдаалга жараша өзгөрүп, үлбүрөгөн ички сезимдерди камтыган махабат жагдайлары биринчи жактан берилип, лиризмге сугарылган, кылчайнашкан эрөөл талаа, түмөн колдун кагылышуусу, үчүнчү жак менен эпикалык жайбаракаттыкта бүткүл драматизми, нечен эрлердин өмүрүн кыйган трагедиясы менен панорамалуу баяндалат. Романды күүгө келтирип, ысык жалын сыяктуу аралап өткөн негизги пафос: Манап бий, Чаа баатыр, Хан Тейиш, Эр Кошой сыяктуу баатырлардын эли үчүн, жери үчүн кашык канын аябай, башын сайып коюп күрөшкөнү элге кызмат кылуунун, бийик патриоттуулуктун үлгүсү. Романдын негизги идеясын кыйын кезеңдерде элдин эл болуп сакталып калышы, биримдик идеясы түзөт. Таруудай чачылып кеткен кыргызды чогултуп, башын бириктирем деп Чаа бий ат арытып алыскы Алтайдан элден көчүрүп келгени – анын эл-жердеп жашаган журт атасы болгонунан кабар берип турат. Галдан Бошок кыргызга кол салганда Тейиш хан анын мизин кайтарып, калмактардын кийинки чоң чабуулунда балдары Ак кочкор, Канкы, Алакчын баш болгон баатырларынан ажырап, өзү да курман болот.

Асанбек Стамов романында миф, легенда, “Эр Эшим”, “Жаңыл Мырза” сыяктуу элдик поэмалардын сюжеттерин чыгарманын негизги идеясынын контекстинде интерпретациялап, синтездеп жалпылаштыра алган. Роман кеңири мезгил, мейкиндикти камтып, татаал, драмалуу, каардуу замандын сүрөттөрүн элестүү тартуу менен, душмандан кызыл уук болуп чабылган элдин азап-тозоктуу кыйын турмушу жандуу эпизоддордо терең изилденип, историзм принциби менен сүрөттөлгөн.

Тарыхты кенен, терең, панорамалуу чагылдырган монументалдуулугу менен айырмаланган “Тейиш хан” романы Стамовдун жеке чыгармачылыгында эле эмес, кыргыз тарыхый роман жанрынын тарыхында өзгөчө орунда турат.

Жазуучу тарыхый каармандардын өмүр жолун коомдук саясий ишмердүүлүгүн сүрөттөөдөн алар катышкан окуялар жана жалпы элдин турмушу панорамалуу сүрөттөлөт. Тейиштин хан көтөрүлүшү, кыргыз элинин башын кошуп, калмактарга каршы турушу, жоо менен кармашкан кол эпикалык арымда сүрөттөлөт. Тейиштин чоролорунун эрдиги, колбашчылардын кемеңгерлиги, жоготуулардын эсеси, күйүтү, трагедиясы Алакчын баатырдын эрдик менен көз жумган аянычтуу, трагедиялуу эпизоддордо кеңири ачылган. Эсепсиз калмак колу менен жан аябай согушуп, “ит уруш” тактикасына салып, кашык каны калганча согушкан баатырлардын эрдигин жандуу, элестүү сүрөттөө менен жазуучу тарыхка жан киргизип, мурда эпостордо, элдик поэмаларда, санжыраларда айтылып келген Эр Эшим, Көкүм бий, Манап бий, Тейиш хан, Кошой, Бишкек сыяктуу элдин тиреги болуп келген баатырлардын элесин автор өзүнүн романында түбөлүктүү образдарга айлантып отурат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5 (303)

31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ
# тууралуу эң кызыктуу фактылар

Бектурали ИСАМИДИН уулу







Бир жолу жайлоодо Дон айгыры деп аталган колхоздун баасы кунсуз бир асыл малы өлүп калат. Ал өлгөн жер уу шиберлүү Уу-Саз деген жайыт эле. Бул окуянын тек-жайын билүү үчүн комиссия келет, ал орус киши экен, кыргызча билбейт, берки жылкычылар түгүл, жайлоодо башка бир адам да орусча айта албайт. Ошондо Айымкан байбиченин небереси орусча билерин эстешип, баланын энесине келишет да, Чыңгыз тилмечтик кылып жанагы келгин айгырдын уу чөп жеп өлгөнүн, бул жердин малы ал чөптү жебей турганын которуп берет.

Акт жазылган соң оор жазадан азат болгон жылкычылар козу союп, "сен аябай зээндүү бала экенсиң. Буерде болбогонуңда бу орусқа түшүндүрө албай калмак экенбиз. Мынакей, алагой, сага устукан!" деп биринчи эмгек акысына чоң жилик карматышат. Чыңгыз аны сыртта турган достору менен бөлүшүп жейт.



Чыңгыз эң мыкты окугандыгы жана зээндүү болгондугу үчүн 1945-жылдан 7-классты окубастан аттап өтүп, 8-орус класска отурган. Сегизди бүтүп Жамбылдагы зооветтехникумдун 2-курсуна кабыл алынган. Бул жерде орус, казак тилдеринде сабак жүрө берген. Ошентип ал тилдерди айкалыштыра үйрөнүп алган.




1934-жылы "Ленинчил жаш" гезитинин ал кездеги жаш кабарчысы Райкан Шүкүрбеков бала бакчага келип, балдар менен сүйлөшүп, алардын ичинен Чыңгыздан интервью алат. Жаш бала келечекте шофёр болом дейт, ал материал аталган гезитке ошол жылы эле "Чыңгыз шофёр болом дейт" деген ат менен жарыяланган.



«Ак кеме» тасмасынын сценарийин Болот Шамшиев менен бирге жазган ...

Өтө күчтүү эс тутумга ээ болгон. Өзү катышкан семинар, конференцияларда айтылган сөздөрдүн баарын эстеп калчу...

Чыгармачылыгын ыр жазуудан баштаган. Бирок, азырынча бир гана ыры белгилүү

«Ысык-Көлдү сагынуу»

Обону: М.Бегалиев

Сөзү: Ч.Айтматов

Жаныбарлардын турмушун жана алардын мүнөзүн өтө мыкты билген...



Өз алдынча унаа айдоого да чолосу келген эмес...

Чет тилин үйрөнө алган эмес...

Коңурук тарткан адамдын жанында

эч качан уктай алган эмес...

Студенттер үчүн эң жогорку деп саналган

Сталиндик стипендия менен сыйланган...

14 жашында айылдык кенеште катчы болуп иштеген...

Бардык чыгармаларын колдо жазып чыккан...

Президент болуудан баш тарткан...

Өмүрүнүн эң көп бөлүгү учакта өткөн (рекорддук көрсөткүч)



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5
(303)

31
05
2024

kyrgyztili@mail.ru

# *Алп акын Алыкул Осмоновдун Бишкек шаарындагы үй музейинде Ленин райондук администрациясынын жамааты жана Алыкулчулар ишембиликте*






*Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,*
*Бул тил менен: иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.*
*Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,*
*Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм.*
***
*Билсин бизди, жаш муундар мактасын,*
*Эскиртпесин эстеринде сактасын.*
*Алдыбызда өмүр турат түгөнгүс,*
*Артыбызда өлбөй турган эл калсын.*
***
*Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,*
*Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.*
*Бул комуз, көп сууларды кечип келген,*
*Эли да комузундай жөпжөнөкөй.*
***
*Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,*
*Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.*
*Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,*
*Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.*
***
*Мен уялам, мына мындан уялам,*
*Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.*
*Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,*
*Жер шаарынан күлүк учкан заманам.*
***
*Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!*
*Көзүң чуңкур, өңүң кансыз, сары сур,*
*Тил албассың, жоголо бер, кете бер,*
*Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.*
*Он беш жолу улам кайра туулуп,*
*Он беш жолу жашарбасам карап тур!*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5
(303)

31
05
2024

kyrgyztili@mail.ru

# ГЛОБАЛДАШУУ ЖАНА УЛУТТУК ТАРБИЯ

**Маматали МУРЗАЕВ**

Адам пейили турмуш шартка жараша аныкталат. Турмуш шарт өзгөргөндө адам пейили да өзгөрөт. Мисалга алсак, согуш мезгилинде төрөлгөн балдар ыймандуу, өзүмчүлдүгү жок, кең пейил болушкан. Мындай пейилдин пайда болушунун себеби балдар жаш кезинен тамак-ашын бирөөлөр менен бөлүшүп жегенге көнүшкөн. Ошондон алар кең пейил, ыймандуу адамдар болушкан. Ал эми азыркы глобалдашуу мезгилде турмуш шарт жакшырган сайын адамдар өзүмчүл болушууда. Себеби адамдар бала кезден тартып өзү үчүн гана жыргап жашоону эң башкы дөөлөт катары тутунуп жашоого өтүп жатышат.

Азыркы кезде кыргыз турмушунда салттуу коомдогу жана цвилдүү коомдогу жашоо эрежелер, социалдык жана этикалык нормалар эриш-аркак жашап келе жатат. Муну жакшы көрүнүш катары карап элди, өлкөнү өнүктүрүүнүн шарты, өбөлгөсү катары карашыбыз туура болот. Анткени салттуу коомдун түзүүчүлүк, сактоочулук мазмунга ээ болуусу, консерватизмдин мүнөздүүлүгү жана педагогикалык таасиринин күчтүү болушу гана салттуу коомдун узак убакытка сакталышын шарттаган. Мисалга алсак, кыргыз элинде баланы ынтымакчылыкта жашоого тарбиялоонун салты калыптанган. Кыргыздар чоң үй-бүлөдө (3-4 үй-бүлө чогуу чарбага ээ болушу) жашагандыктан, алардын тамак-ашы бир үйдө чогуу болгондуктан, алардын өз ара ынтымакчылыкта жашоо салтына көнүккөндүгүн жана адамдар бири-бирине ыйман негизинде мамилелешкендигин айтууга болот.

Ал эми цвилдүү коом деген өнөр жайы, маданияты өнүккөн алдынкы өлкөлөрдө түзүлгөн чарба жүргүзүүнү жана жашоо маданиятын (ошолорго жараша адамдардын ортосунда тзлгөн мамиле эрежелерин ж.б.) билдирет.

Цвилизациялык коом өндүрүштөгү революциядан улам келип чыгып, капитализмди пайда кылган. Илим билимдин, техниканын өнүгүшү өнөр жайды өнүктүрүп, элдин турмушун жакшырткан, маданият менен көркөм өнөрдү болуп көрбөгөндөй өнүктүргөн.

Кыргыздардын цвилизациялык коомго кирүүсү жергебизге орустардын келиши менен байланыштуу болуп, анын оң жактары менен бирге эле терс (жаман) жактары да бар болгон.

Цвилизациялык коомдо илим менен техниканын, өндүрүштүн каражаты менен өндүрүштүк мамиленин өнүгүшү глобалдашуу процессин жаратты.

Глобалдашуунун маданиятыбызга таасир этүү темпи, масштабы жана мүнөзү күн сайын өсүп бара жатат. Азыркы кезде илим менен техниканын өнүгүшүнүн натыйжалары ар бир адамдын күндөлүк турмушунда (микроволновка, сотка, интернет ж.б.) кеңири колдонулууда жана ошого жараша адамдар ар тарабынан өзгөрүүлөргө учуроодо.

Азыркы маалымат технологиялары дүркүрөп өнүккөн заманда өсүп келе жаткан жаш муундар күнүнө интернет, сотка, кино, телевидение аркылуу бөтөн маданияттар менен тааныш болуп (бузукулук ж.б. жөнүндө көрүп-билип), чет элдик маданияттын таасиринде калып, кыргыз элинин айрыкча жаш муундарыбыздын жан дүйнөсү, баалуулуктары, табити өзгөрүүдө.

Маалымат технологияларынын таасирлеринин натыйжасында кыргыз элинин жан дүйнөсү, баалуулуктары, табити өзгөрүп жатканынын бир далили - азыр кыргыз элинде материалдык дүйнө негизги баалуулукка айланып, рухий дүйнө артка сүрүлүп, элибиз өзөккү сапаттарынан: намыстуулук, уят, мекенчилдик, ж.б. айрылып жаткандыгын айтууга болот.

“Массалык маданият” жаштарыбыздын акылын уурдап, аларды манкуртка айландырып, бүт жан дилин булгап, рухий жактан жардылантып, жан дүйнөсүн мокотуп жатат. Алсак, кино, телевидение, билим берүү (бизнести үйрөтүүчү курстар ж.б.) бизге келип жаткан батыш маданиятынын эң негизги өзгөчөлүгү кишидеги жекемендикти (индивидуалдыкты) өнүктүрүүнү эң негизги маселе катары караганы жана коомдо жекемендиктин чоң баалуулук экендигин даназалагандыгы жаштарыбызда өзүмчүлдүктү калыптандырып жатат.

Глобалдашкан коомдо нарк-насилдин өзгөргөндүгүнүн бир көрүнүшү катары коомубузда сойкулук өрөөн, уят эсептелинбей калгандыгын айтууга болот. Мунун далили сойку кыздын республикалык теледен чыгып эл алдында сойкулукту коргоо, актоо, даңктоо аракеттеринин жасоосун айтууга болот. Ошондой эле кыргыз элинде бала дайыма камкордуктун чордонунда болсо, азыркы кезде балдарга карата жасалган зомбулук күчөөдө. Буга мисал катары коомубуздагы рекетирчилик, алдамчылык, мажбурлап сойку болууга аргасыз кылуу ж.б. айтууга болот.

Глобалдашуу адамдардын турмуш-тиричилигин, нарк-насилин, социалдык установкаларын, жүрүм-турум нормаларын өзгөртүүдө. Айрыкча азыркы кезде батыш маданиятынын таасирлеринен элибиздин көөнөрбөс дөөлөттөрүнүн куну кетип, элдин ыйманы бузулуп; карылар үйүнүн, жетимдердин, селсаяктардын көбөйүшү, жаштарыбыздын бөтөн диндерге, секталарга өтүп кетүүсүнүн көбөйүшү ж.б.у.с. улутубуздун, мамлекетибиздин келечегине коркунуч жаратып, “Кыргыз элинин эртеңки тагдыры эмне болот?” деген суроо көптөгөн интеллигенттердин баш оруусуна айланып, коомдогу бүгүнкү көйгөйлөрдөн арылуу жолдорун аныктап алуу зарылдыгы жаралып олтурат.

Глобалдашуу шартында айрым элдер бөтөн элдерге аралашып кетип, эл катары жок болуп кетери ишке ашарын; элдин бир бөлүгүнүн башка маданиятка кириши ишке ашарын окумуштуулар белгилеп жүрүшөт.

Азыркы кезде ааламдашуу, маданияттардын карым-катышынын күчөшү, маалымат технологияларынын өнүгүшү улуттубузду деградацияга алып келип, улут катары жок болуп кетүү коркунучун жаратып олтурат. Мунун бир себеби эгемендүүлүк жылдардан бери мамлекеттин идеологиясы иштелип чыга электиги менен байланыштуу. Натыйжада өлкөнүн өнүгүү жолу аныкталбай, коом деградацияга учурап, коомдо ыймансыздык күчөп, эл ичинде балдарга, аялдарга карата зордук-зомбулук күч алды ж.б.у.с. Мына ошондон улуттук идеологияны иштеп чыгуу өтө зарыл болуп саналат. Анткени адам, топ (уруу), мамлекет идея менен жашайт. Коомдо идеясыз, идеологиясыз жашоо мүмкүн эмес. Коомдо ар бир социалдык обьект (мамлекет, этникалык топ, уруу, мекеме, ар бир адам) өз идеологиясына ээ болуп, ошого жараша коомдо аракеттерди, жүрүм-турумдарды жасап, ишмердиктерди аткарат.

Учурда салттуу коомдон келе жаткан коллективдүү жүрүм-турум адаттарын ээ кыргыздар азыр батыш маданиятын үйрөнүп, азыр жекемендик (өзүмчүлдүк) сезим менен жашоо жана байлыкка умтулуу биздин кыргыздардын турмушунда чоң баалуулуктарга айланып барууда. Салттуу коомдо калыптанган көчмөн кыргыздарга мүнөздүү болгон: колу ачыктык, кеңпейилдик, топуктуулук ж.б. сапаттар цвилизациялык коомдун глобалдашуу шартында өтө өзгөрүлүп, өтө өзүмчүлдүк, байлыкка умтулгандык, көңүл коштук ж.б. сапаттар эл ичинде көбүрөөк учурап, элге кеңири жайылып бара жатат. Айта кетчү сөз, жаштарыбыздын өзүмчүлдүк жүрүм-туруму, жашоодо баарынан байлыкты жогору коюшу коомду кыйроого алып баруучу жол. Ошондуктан жаштарыбызды улуттун кызыкчылыгынан туруп аракет, жүрүм-турум жасоого, ата-бабалардын салтын сактап жашоого үйрөтүүбүз зарылдык болуп саналат.

Салттуу коомдо моноулуттук чөйрөдө жашаган учурда жаралган каада-салттар, үрп-адаттар, элдин жашоо образы, психологиясы өзгөрүүсү тийиш баарына ак көңүл, меймандос болуу азыркы кезде катачылык болуп саналат. Мына ошондуктан жаш муундарда баарына ак көңүл, меймандос болуу социалдык установкасына тарбиялоону жоюубуз зарыл. Себеби глобалдашуу шартында кыргыздар көп улутту чөйрөдө жашап жаткандыктан, элибиздин мамиле этикетин өзгөртүүбүз зарыл, мурункудай эле баарына ак көңүл мамиле жасоо адатына чек коюу зарыл. Жаш муундарыбызды жанаша жашаган элдердин республикабыздын, элибиздин өсүп-өнүгүшүнө кандай салым кошуп, эмне иш жасап жаткандыгына жараша мамиле жасоо салтына көнүктүрүүбүз керек.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдөн арылуу үчүн азыркы кезде жаш муундарыбызга тарбия берүүнү улуттук маданияттын негизинде жүргүзүүбүз зарыл. Жаш муундарыбызга улуттук негизде тарбия берүүнү ишке ашыруу, элибиздин сакталышын жана өнүгүп өсүшүн шарттайт.

Улуттук тарбия дегенде биз кылымдарда калыптанган элдик педагогиканын негизинде берилген тарбияны, жаш муундарда мекенчилдик, ыймандуулук, элге кызмат кылуу, ата журтту коргоо ж.б. бийик инсандык сапаттарды калыптандырууну түшүнөбүз.

Жаш муундарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, эмгекке ж.б. тарбиялоодо элдик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрү жана ролу чоң. Анткени элдик педагогика узак кылымдар аралыгында элдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган жана элдин оозеки чыгармачылыгында, үрп-адаттарында, каада-салттарында ж.б. сакталып, муундан муунга берилип, жаш муундарды тарбиялоону ишке ашырып келе жаткан өз салтына ээ. Бүгүнкү күндө жаш муундарда толеранттуулукту калыптандырууда да элибиздин көп кылымдар бою жараткан элдик педагогикасындагы бай тажрыйбаларды пайдалануунун мааниси чоң.

Элдик тарбиянын өзгөчөлүгүнөн кыргыз эли толеранттуу келишет. Биз, кыргыз эли, кимге, кандай адам болсо да ага карата мамиле жасаганда балдарды боорукер, ак ниет, толеранттуу болууга тарбиялайбыз. Себеби кыргыз эли көп кылымдар бою моноулуттук чөйрөдө жашагандыктан, балдарды адамга карата толеранттуу болушун тарбиялоо салты калыптанган жана толеранттуулук кыргыздардын каны жанына сиңген. Кыргыздарда бөтөн улут- өз улут деп бөлүштүрүү установкасы калыптанбай калып, бөтөн улут өкүлүн да кыргыздар стеоротибиндеги адам катары кабыл алуудан, бөтөн улут өкүлүнө карата терс установка жок. Ошондон кыргыздар бардык улут өкүлдөрүнө жакшы мамиле жасайт. Мына ушунусу менен өз улутуна көп көйгөй жаратууда. Алсак, салттуу коомго мүнөздүү болгон тууганчылык кыргыз элин сактап келген болсо, азыркы глобалдашуу шартында коомдун, элдин, мамлекеттин жана жеке инсандын өнүгүүсүнө тоскоол болууда, бирок аны илимий негизде улуттун өнүгүүсү үчүн пайдалуу кылып колдонуу жолун табуу бүгүнкү күндөгү зарылдык болуп саналат. Себеби тууганчылык адамдарды бир максатка бириктирүүчү, баш коштуруучу күчкө ээ. Коомдогу көптөгөн көйгөйлүү маселелерди эл биригип гана чечүүгө мүмкүн болгондуктан, элибиздин бир максатка биригүүсү элибизди жана мамлекетибизди сактап калуудагы зарылдык болуп саналат. Эң башкысы ар бир атуулда «Мен кыргызмын» түшүнүгүн өнүктүрүү зарыл. Ошондо гана республикабызды күчтүү мамлекетке айлантчу жаш муундарды өстүрүп чыгара алабыз.

Глобалдашуунун терс таасирлеринен элибизди сактап калуунун бир жолу – бул ата-бабалардан келе жаткан каада-салттарды, ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды колдонуп жашоо болуп саналат. Анткени салттуу коомдун түзүүчүлүк, сактоочулук мазмуну, консерватизмдин мүнөздүүлүгү тарыхтын ар кандай шарттарында кыргыз элинин сакталышын шарттаган жана кыргыз элинин педагогикалык системасынын өзгөчөлүктөрүн жараткан. Салттуу коомдо жаралган кыргыз элинин педагогикалык системасын азыркы цвилизациялык коомго ылайыктап кайра жаратуу, коомго жараша өзгөртүп түзүү жана пайдалануу бүгүнкү күндө актуалдуу.

Ушул жерде кыргыз элиндеги тууганчылык салттын тарбия берүүчүлүк кызматына токтоло кетели.

Көчмөндүк коом жамаатташып (коллективдүү) жашоого негизденген, анын бир көрүнүшү - тууганчылык.

Көчмөндүк турмуш жамаатташып (коллективдүү) жашоону шарттаган. Кыргыз элиндеги көчмөндүк дух жана жашоо образы жамааташып жашоого негизденген. Жамааттащып жашоо образы элибиздин социалдашуу салтынын өзгөчөлүктөргө ээ болуусуна өз таасирин тийгизген.

Кыргыз элинде инсанды улуттук өзгөчөлүктөргө социалдаштырууда тууганчылык жана классташтык өзгөчө чоң мааниге ээ.

Кыргыздардын социалдаштыруу салтында тууганчылыктын ролу чоң.

Феодалдык урууучулук мамиледе гумандуулуктун жеткен туу чокусу кыргыздарда тууганчылык аркылуу көрүнгөн. Анткени тууганчылык аркылуу адамдардын тууганына материалдык, моралдык (айрыкча психологиялык) жардам берүүсү ишке ашат. Бул салтты бүгүнкү замандын талабына ылайыктап колдонуу өзүнүн оң натыйжаларын берет. Анткени туугандар такай бири-бирине жардам берип, колдоо көрсөткөндүктөн, адамдын коомдо өзүн ишенимдүү сезүүсүн, жашоого ыраазы болуусун жогорулатат, илимдин жана техниканын прогресси жараткан психикалык кыйналуулардан, стресстерден алыс болууга өбөлгө түзөт.

Тууганчылыктын күчтүү өнүгүшү кыргыз элинин турмуш шарты, жашоо образы менен байланыштуу болгон. Тууганчылык - тууганына жардам берүү, жакшылык-жамандыкта колдоо көрсөтүү, жетим-жесирлерге, кембагалдарга колдоо көрсөтүүнү көздөгөн. Урууучулук-патриархалдык жана феодалдык коомдор кыргыз элинде тууганчылыктын өтө өнүгүшүнө, өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болушуна алып келген.

Кыргыз элинде тууганчылык институту аркылуу жаштарга тарбия берүү салты калыптанган. Урук, уруу тууганчылыкка негизделип түптөлгөндүктөн, кыргыз элинде баланын инсан катары жетилишинде туугандар чоң роль ойногон. Мына ошондуктан кыргыз элинде тууганчылыкты тарбия салты да, тарбиянын каражаты да, фактору

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№5 (303)
31 05 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Чегирткенин үнү

(Аңгеме)



Гүлзада СТАНАЛИЕВА

Түнкү саат он. Блокнотуна үңүлүп чакырылчу коноктордун тизмесин түзүп жаткан. Капыстан чыккан телефондун үнүнөн селт этип чочуп кетти.

– Алоо?

– Мен эле Жанармын. Кандайсың?

– Жакшы. Өзүң? – суз унчукту.

– Жолтоо болбодумбу?

– Жок…

– Кечээ Марс экөөбүз балкондо отуруп, сенин ырларыңды окудук.

– Аа-а… мурдагы ырларымдыбы. Азыр жазбай калгам да… билесиң.

– Ойго салды…

– Марс иштеп атабы?

– Ооба. Эмнеге?…

– Эмне эмнеге?

– Эмнеге жазбай калдың дейм?

– Аа-а… Ыр менен акча таппайсың да.

– Сонун ырлар. Улантсаң болмок. Сеникиндей талант ар кимге эле бериле бербейт да.

– Азыркы жумушумда ыр жазууга мүмкүн эмес.

– А эмнеге?

– Дайыма оюң жыйнактуу болуп, келгендерди бүт дитинди төшөп угуп, жооп берип турушуң керек, - колундагы блокноттогу тизмени карап, айрымдарынын тушуна белги коюп атты.

– Ошентсе да… Болбойбу эмне мурдагыдай илхам келген учурлар.

– Болсо да, анын кереги жок! - оор үшкүрдү. - Жумушка жолтоо болот, - тизмеге бирөөнүн аты-жөнүн кошуп жазды.

– Кантип?..

– Ырды соо туруп ооруп, өзүңдү тыңшап, өзүң менен өзүң калып жазышың керек да. А менин азыркы жумушумда антүүгө болбойт. Ар дайым жылмайып, кабак-кашым дебей, келген кардарлардын бирин да кыя кетирбей көңүл буруп, талаптарын угуп… айтор, колдон чыгарбай кармап калышым керек. Ар бир кардардан жыйырма пайыз – менин акым. Бардык чыгымдарымды, жадагалса, апамдардын тамак-ашын, коммуналдык төлөмдөрүн да кенен-чонон ошол жыйырма пайыздан чыгарам. А сен ыр жаз дейсиң.

Калеми колунан түштү. Блокнотун да ары жылдырып койду.

– Түшүнөм сени. Бирок кечээ окуган ырларыңдан кийин көпкө чейин өзүмө келе албай жүрдүм. Ушунчалык сезимтал жан элең. Ошол сезимтал дүйнөңдү жыйырма пайызга айырбаштап койгонуңа өкүнөм. Мага капа болбо. Бирок ушундай.

– Ии койсоңчу. Андан көрө айтчы, Марстын иши кандай? Кызматынан көтөрүлдүбү? Айлыгы бир аз көбөйөт эле да көтөрүлсө, - блокнотун кайра колуна алып, тизмеге көз жүгүртө баштады.

– Жакшы эле иштери. Ошондой го. Азыр деле кудайга шүгүр дейт.

– А мен англис тилин үйрөнүп атам. Англисче жакшы сүйлөп калсам, чет элдик кардарлар менен иштеше баштайм. Анда деле жыйырма пайызын беришет. Бирок чет элдиктердин жыйырма пайызы көп болот. Алда канча көп. Квартира сатып алсам деймн, буюрса. Практика жетишпей атат да. Болбосо, тез эле үйрөнмөкмүн тилди.

– А сен англис жазуучуларын оку да. Пайдалуу да болот, рахат да аласың. Сен алардын баарын орус тилинде окуп чыкпадың беле. Эсиңдеби баарыбыздын оозубузду ачырып айтып берчүсүң. Мен сенден кийин окудум да көбүн. Хэмингуэйди, айрыкча, берилип айтчусуң. «Чал жана деңизин»…

– Ошентсем да болот, - деди тигинин сөзүн бөлүп, калемин колуна кайра алып. – Бирок килейген китеп окуганга убактым жок. Сүйлөшүү клубдарына эле барып атам. Тез сүйлөп кетишим керек, - тизмеден чет элдик фамилиялардын астын чийип атты.

– Сен өзгөрүп кеттиң. Мурдагыдай эле сени менен сүйлөшүүнү эңсеп телефон чалам. Бирок эмнегедир мурдагыдай сүйлөшө албайбыз.

– Сүйлөшүп эле атпайбызбы, - деди ал тизмеден көзүн алып.

– Сен өтө алыстап кеттиң бизден.

– Алыстаган жерим жок. Убакыт жок. Билесиң да, эл аралык компанияда бир мүнөт да тынч коюшпайт, - туруп балкондун эшигин ачты. Сырттан кирген жагымдуу шабада залды каптап, анан коридор менен барып ашкананы көздөй агылды.

– Алар сени жок кылышты. Ыр да жазбай калдың. Сүйлөгөнүң да мурункудай эмес.

– Балким. Бирок бул ишке, билесиң да, Марс экөөбүз документ тапшырып, мен өтүп кеткем. Бул иш болбосо, апамдар кантмек эле азыр. Өзүм да жүрмөкмүн сандалып, гезиттин арзыбаган айлыгын айлап күтүп.

– Билем. Ушул ишке да Марска караганда жакшы жазганың үчүн, ажаат ачып сүйлөгөнүң үчүн өтүп кеткениңди да билем. Бирок, кайра ушул иште сен жазганыңды да таштадың, сүйлөгөнүң да өзгөрдү, өзүң да азыр башкасың, таптакыр башкасың.

– Сен мени ушинтип эле жекире бересиң, - эшикти кайра жапты. Эмелеки жагымдуу шабада тып токтогонго бөлмөлөр заматта тумчуга түшкөнсүдү.

– Мейли, мейличи… антпейин… кечир… Кийинки ишемби Марстын туулган күнү. Келесиңби? Мен өзү ушуну айтайын деп чалгам.

– Көрөйүн. Бирок так айта албайм. Эмки ишемби чоң көргөзмө уюштурабыз. Эл көп келет. Канчада бошоймн, билбейм, - колуна тизмени кайра алып, сөзүн бүтүрөр бекен деп тигини күтүп калды.

– Мен сенден бир нерсени өтүнөйүн дегем.

– Эмнени?

– Марска арнап, же алыстап бараткан жаштык күндөрүбүзгө арнап ыр жазчы, келбесең да… Туулган күнүнө белек болсун.

– Койчу, жанды кыйнабай.

– Жөн эле уйкаштырып жазып көрчү.

– Жок! Жаза албайм!

– Эмнеге?!

– Кыйнабачы… Макул ээ… Ишемби күнгө чейин. Мен бошоп барганга аракет кылам. Ошондо сүйлөшөбүз ээ, калган сөздү.

– Ыр жазып көрөсүңбү?

– Жок.

– Ии-и, жазбасаң кой… Анда ишемби көрүшөбүз. Мейли.

– Буюрса. Ооба. Жакшы жат.

– Сен да…

Телефонун өчүрдү да, диванга ыргытты. Көргөзмөгө келе турган маанилүү кишилердин тизмесин түзүп жаткан блокнотун да жапты. Ордунан туруп, балконго чыкты. Жылдыздар жайнап чыгыптыр. Эмелеки шабададан ныпым жок. Мемиреген таза абада кайдандыр безилдеп сайраган чегирткенин үнү угулат. Эртең эрте турушу керек эле. Саат 11ден кеч калбай уктап калышы керек эле. Болбосо эртең менен чарчаңкы көрүнүп шалпайып калат. Андай көрүнүүгө абройлуу компаниянын менеджерине такыр болбойт.

Бирок бу саам мунун баарынын мааниси калбагандай сезилди. Ал көптөн бери жылдыздарды да, түндү да, төртүнчү кабаттын балконуна чейин даана угулуп жаткан чегирткенин чырылдаганын да укпай, көрбөй, сезбей калганына таң калды.

«Барсыңбы, чегиртке?» деди акырын эрдин кыбыратып. Чегирткенин «чыр-чыр» дегени күчөгөндөй болду. «Мен да бармын, угуп атасыңбы? Мен да бармын!..» деди ал үнү каргылдана тээ ылдыйдагы жол четинде өскөн узун-кыска чөптүн калдайган караанына тигилип.

А ылдыйда жан кишинин көзүнө чалдыкпай, мемиреген ушул жылдыздуу түн менен кошо төртүнчү кабатта сенек болуп катып турган сөлөкөттү кошо терметип чегиртке безилдеп жатты…

да катары кароо туура болот. Тууганчылык мамиледен бала көп нерсе үйрөнүп, ошол тууганчылыктын бүт нормаларын өздөштүрөт: улууларды урматтайт, бири-бирине колдоо көрсөтүп, жардам берүүгө үйрөнөт. Тууган дайыма адамга жардам берүүнү, адамды сыйлоону көздөйт.

Тууганчылыктын кыргыздардын турмушундагы орду, аткарган кызматы (тарбиялык, психологиялык, социалдык, маданий, экономикалык, саясый ж.б.) ж.б. жөнүндө сөз кылганда эң биринчи кезекте кыргыз элинде баланын инсан катары жетилишинде туугандар чоң роль ойногондугун баса белгилөөгө болот. Мисалга алсак, тууганчылык мамиледен бала кыргызча жашоого тиешелүү бүт нерселерди үйрөнүп, ошол кыргызчылыктын бүт нормаларын: социалдык күтүүлөрдү, жүрүм-турум эрежелерин, дөөлөттөрдү, ойлом стилин (тирчилик көндүмдөрүн, улууларды урматтоо, бири-бирине жардам берүү ж.б.) өздөштүрөт жана аларды өз жүрүм-турумунда колдонууга үйрөнөт.

Азыркы кезде тууганчылыктын терс жактары да оркоюп көрүнүп жатат, алсак тууганчылык бийликте, саясатта өзүнүн терс таасирин тийгизип жатат. М: татыксыз тууганын жогорку кызмат орунга көтөрүү ж.б.у.с. көрүнүштөр тууганчылыкты сындап, жек көрүүгө алып келген учурлар кездешпей койбойт. Ошондуктан тууганчылыктын терс жактарын жоюу, ал эми оң жактарын өркүндөтүп колдонуу кыргыз элинин бүгүнкү глобалдашуу шартындагы коомдук турмушундагы зарылдык болуп саналат.

Уруучулук коомдогу кыргызчылык, тууганчылык ж.б. бүгүнкү глоболдашуу шартындагы базар мамилеси менен жашаган адамдарга терс таасирлерин тийгизип кыргыз жаштарын өзүнө эмес, чоң кызматта иштеген же бай тууганына ишене турган адат жаратып коюуда (социалдык установка калыптандырууда). Бул терс адат азыркы кездеги базар мамилеси шартында кыргыздарды өтө аксатып жатат. Азыр биздин коомдо тууганчылык бийликтин бүт катмарын каптап, өлкөнү өнүкпөй турган деңгээлге алып келди. Азыркы кезде тууганчылык терс мүнөзгө, мазмунга (бийликте, саясатта татыксыз тууганын жогорку кызмат орунга көтөрүү ж.б.у.с. аркылуу) ээ болуп элдин, республиканын өнүгүшүнө өзүнүн терс таасирин тийгизип жатат. Базар мамилеси шартында жаш муундарыбызды өзүнө-өзү ишенип иш жасай турган инсан катары калыптандыруубуз зарыл. Аларды тууганына ишенип эмес, өзүнө-өзү ишенип жашоосун турмуштук принципке айдандыруубуз зарыл. Ошондой эле глоболдашуу, маданияттардын карым-катышы күчөгөн шартта тууганчылыкты өнүктүрүп өркүндөтүү, ага жаңы мазмун берүү элибизди сактоого, өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет. Мына ошондуктан тууганчылыктын терс жактарын жоюу, ал эми оң жактарын өркүндөтүп колдонуу бүгүнкү күндөгү кыргыз элинин турмушундагы зарылдык.

Азыркы кезде кыргыз элинде жамаатташып жашоо образынын дагы бир көрүнүшү болуп классташтык феномени саналат.

Биздин пикирибизче, классташтык феномени кыргыздардын уруучулук негиздеги тууганчылык мамиленин ордуна жаралган мамиле салты.

Кыргыз элинде классташтык социалдык жана социалдык-психологиялык түшүнүк болуп саналат. Бул социалдык феномenди да коллективдүү жүрүм-турумдун туундусу катары кароо туура болот. Классташтар - мектепте он жыл чогуу окугандардын өзгөчө мазмундагы өз ара (жылуу) мамиленин калыптануусу. Ошондон классташтык сезим жаштарды бири-бирине күйүмдүү, гумандуу болууга көнүктүрөт, өзүн-өзү баалоосун өстүрөт, коомдо жашоо нормаларына жана жүрүм-турум эрежелерине үйрөтөт. Классташтык жаштарды бири-бирине күйүмдүү, гумандуу болууга көнүктүрөт, өзүн-өзү баалоосун өстүрөт, коомдо жашоо нормаларына жана жүрүм-турум эрежелерине үйрөтөт.

## Жыйынтык

Коомубузда жүз берип жаткан көптөгөн көйгөйлүү (мыкаачылык, сойкулук, аракечтик, бекерпоздук ж.б.) проблемалардан арылуу үчүн элибиздин тарбия салтына негизденүү жана элибиздин социалдашуу салтын натыйжалуу пайдалануу эң башкы маселе болуп саналат. Анткени жаш муундарыбызды элибиздеги уруулук, регионалдык түшүнүктөрдөн арылтып, жалпы улуттук кызыкчылыкка ээ болгон, көз карандылыктан (мажиреөлүктөн) жана кулчулук сезимден арылган, өз алдынча эркин ой жүгүртө билген инсандар катары калыптандыруу зарыл иштерден болуп саналат. Бул иште кыргызчылык, тууганчылык жана классташтык мамиле салтынын алгылыктуу жактарына таянуу бүгүнкү күндөгү зарылдык болуп саналат.

Өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды улуттук менталитетке ээ болгон инсан катары калыптандырууда тууганчылык, классташтык мамиле салттарынын оң жактарын колдонуу жана аны андан ары өркүндөтүү элибиздин глобалдашуу шартында эл катары сакталып калуусунда жана андан ары өнүгүүсүндө өзүнүн оң натыйжаларын берет.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы глобалдашуу, маданияттардын карым-катышы күчөп, айрым элдер, айрым маданияттар жок болуп жаткан шартта тууганчылык салтта калыптанган өз ара мамилени жаш муундарда калыптандыруу зарыл болуп саналат.

Кыргыз элинде тууганчылыкты жаш муундарды тарбиялоонун салты да, каражаты да, фактору да, социалдык институту да катары жаштардын социалдык дөөлөттөрдү, нормаларды, жүрүм-турум эрежелерди өздөштүрүү багыттарын жана мазмунун аныктайт. Ошондой эле азыркы глобалдашкан коомдо адамдардын ортосундагы гумандуу мамилеленин сакталышына өбөлгө түзүп, өсүп келе жаткан жаш муундарыбызда элибизге мүнөздүү асыл сапаттардын: гумандуулук, адамгерчилик, ыймандуулук, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо ж.б. калыптанышын шарттайт.

Элибизде тууганчылыктын негизинде адамдардын ортосунда калыптанган гумандуу жана эмпатиялык мамиленин мындан ары да улануусун шарттайт, элдин улуттук өзгөчөлүгү болгон карым-катыш маданиятын өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзүп жаш муундарды улуттук негизде социалдаштырууну арттырат, инсанда адептик-рухий кризистерге дуушарлантпайт.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№5 (303)
31 05 2024
kyrgyztili@mail.ru

# ЭҢ КЫЗЫК 50 СУРОО

*Эң кызык элүү суроого эмне деп жооп берет элеңиз? Төмөндөгү суроолор сизге жөн гана суроо иретинде берилбестен, алдыга жылууңузга түрткү болуп, ички дүйнөңүздүн өзгөрүүсүнө, жаңы кадамды таштооңузга жол ачат. Атайын барак алып, чын дилиңиз менен ачык жоопторду жазыңыз, жыйынтыгында өзүңүзгө пайдалуу болгон жыйынтыктар көрүнөт, ал жоопторго таң калбаңыз, анткени аны дал өзүңүз жаздыңыз? Ооба, суроолор абдан олуттуу, бир дем менен жооп берүүгө кыйын, бирок ойлонуу аркылуу жооп таба аласыз. Ал жөн гана жооп берүү менен жыйынтыкталбасын, өзгөрүү өзүңүздөн башталсын.*



1. Ысымыңыздын маанисин билесизби?

2. Эң жаманы кайсы: кайгыны жашыруу, себепсиз ыйлоо?

3. Өмүр ошончолук кыска болсо, эмне үчүн өзүбүз каалабаган нерселерди көп жолуктурабыз, бирок өзүбүз каалаган нерсеге аз убакыт ажыратабыз?

4. Эгер жумуш бүткөн болсо, баары айтылса, баары чечилсе, баары тил менен жасалып коюлган болсо, анда жөн гана аңгемелешүү кандай жумуш болушу мүмкүн?

5. Эгер сизге жер жүзүндө бир нерсени өзгөртүү мүмкүнчүлүгү берилсе, эмнени өзгөртөт элеңиз?

6. Акча табуу-сиздин башкы максатыңыз болсо, кантип акча табат элеңиз?

7. Сиз өзүңүз каалаган нерсеге айланасызбы, эгер чындап ал нерсеге айлансаңыз, аны жактырат белеңиз?

8. Адамдын өмүр жашы орто эсеп менен 40 жашты түзсө, ошол аралыкта өмүрүңүздүн кызыктуу өтүшү үчүн эмне кылмаксыз?

9. Жашооңузда болуп жаткан окуялар канчалык маанилүү?

10. Сизди көп ойлондурган нерсе эмне: бир нерсени жакшы жасообу, же жакшы нерсени жасашпы?

11. Сиз абдан сыйлаган адамды бирөөлөр дасторкон үстүндө аябай терс сүйлөмдөр менен сөз кылып жатышат, ошол учурда эмне кылмаксыз?

12. Эгерде сиз бир жаш балага өмүр бою колдоно турган бир гана кеңеш берүүгө мүмкүнчүлүк алсаңыз, эмне деген кеңешти берет элеңиз?

13. Жакшы көргөн адамыңыз үчүн жанды кечүүгө макулсузбу?

14. Эгер адамдын сырткы түсүнөн даанышмандык көрүнсө, кантээр элеңиз?

15. Башкаларга караганда эмнени көбүрөөк жасап жатасыз?

16. Сизди бакытка бөлөгөн нерсе, башкаларды бактылуу кыла албайт, бул учурга кандай баа бересиз?

17. Абдан каалап, бирок жетпей жүргөн нерсеңиз эмне, жетүүңүзгө эмне тоскоол болууда?

18. Алда качан коштошуп таштай турган нерсеге дагы деле жалгашып жүрөсүзбү?

19. Эгер сизге башка элдер менен бир өмүр жашап калуу сунушу берилсе, кайда көчүп кетээр элеңиз?

20. Лифтин тетиктерин бир нече ирет басып салсаңыз эле, анын ылдамдыгы ашып түшөт деп ойлойсузбу?

21. Кайсынысы болот элеңиз: жүдөө кийимчен даанышман же бактылуу акмак?

22. Неге Сиз-бул СИЗ?

23. Эгер өзүңүзгө- өзүңүз дос болсоңуз, андай адам менен дос болот белеңиз?

24. Кайсынысы жаман: досуңуз башкалар менен аралашып кетсе, же досуңуз эч кимге аралашпаса?

25. Күрөшпөй чындыкка жетүү мүмкүнбү?

26. Сиздин эң чоң коркунучуңуз акыйкатка айланып жаткан жокпу?

27. Эсиңизге келээр, сиз балким 3, балким 5 жыл мурда бир нерсеге аябай катуу кайгыргансыз, ойлоп көрдүңүзбү, бүгүн анын мааниси бар бекен?

28. Балалыктагы эң бактылуу учуруңуз эсиңиздеби, ошол учур эмнеден улам бактылуу сезилген, сыры эмнеде?

29. Айтыңызчы, азыр болбосо, анда качан?

30. Каалаган нерсеңизге жетпей жатсаңыз, анда эмнени жоготуудан коркуп жатасыз?

31. Мындай учур болгонбу: бирөө менен отурасыз, бирок сүйлөшкөн жоксуз, ошого карабастан эсиңизде калган эң жагымдуу жолугушууну эстейин десеңиз ошол күн гана элестелет?

32. Эмнең жаман, эмнең жакшы экенин так билүүгө болобу?

33. Эгер сиздин колуңузга 1 миллион доллар берсе, азыркы жумушуңуздан чыгып кетээр белеңиз?

34. Кайсынысын каалайсыз: жасап салууга тийиш болгон көп жумушпу, же элди өзүңүзгө ынандырган аз жумушпу?

35. Бүгүнкү күн буга чейин миң жолу кайталангандай болуп жаткан жокбу?

36. Таштайм деген бир ишти акыркы жолу качан таптакыр кайрадан кайталабастан токтоттуңуз?

37. Кокус, сиз тааныган жакын адамдардын баары эртең өтө алыс жакка кете турган болсо, бүгүн кимисине жолугуп калат элеңиз?

38. Өмүрүңүздүн 10 жылдык мөөнөтүн атактуу жана белгилүү болууга алмаштырат белеңиз?

39. Тирүүлүк менен өмүрдүн айырмасы кандай?

40. Тобокелге барып, качан чоң ишти баштайсыз?

41. Эгер кетирген каталарыбыздан сабак ала туран болсок, анда неге ката кетирүүдөн корко беребиз?

42. Эч кимди күнөөлөбөй туруп, кайсы ишти түзөтөт элеңиз?

43. Акыркы жолу качан жүрөгүңүздүн согушун тыңшадыңыз?

44. Акыркы жолу качан бирөөгө “жакшы көрөм” деп айттыңыз?

45. Кечээ, андан мурда, андан да мурдагы күнү эмне каалаганыңыз эсиңиздеби? Жыйынтыгы кандай болду?

46. Чечимди өзүңүз чыгарасызбы же сөзсүз бирөөдөн кеңеш сурайсызбы?

47. Махабат менен сүйүүнүн айырмасын билесизби?

48. Бала кезде чоңойгонду каалагансыз, азыр болсо бала болгонду каалап жатасыз, эки курактын эмне айырмасы бар?

49. Сүрөт тартып бериңиз деп суранса, эмнени тартасыз?

50. Кесибиңизди ким тандады?

Бектурали **ИСАМИДИН** уулу

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5 (303)

31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

# СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ЭТЮДДАР

## («Сөз дүйнөнү сактап турат»)

*(Уландысы. Башы өткөнсанда)*



**Сулайман РЫСБАЕВ, профессор, КРнын Эл жазуучусу**

Эненин бешик ыры - уул-кыздын өмүр жашоосунун башаты. Анда эне сүтү да, эне тили да, ата салты да, Ата Журту да, анын тарыхы да чөгөрүлгөн.

Жаман уул өз айылынан адашат, жакшы уул жарым дүйнөнүн жолун жат билет. Анткени, жакшы адам жолунан адашса адашар, асты акылынан адашпайт.

О Ыйык Энелер, уул-кызыңар Ата Мекенинин анык азаматы болсун десеңер, тээ бешикте жаткан кезинде ырдап берген бешик ырыңарды эр жеткен чагында кайрадан бир ирет ырдап бергилечи! Ал ырдан уул-кызыңар Ата Мекенин сүйүү кандай ыйык экенин акыл эси толгон кезинде дагы бир ирет билсин, туйсун, эсине салсын! Суранам, ошенткилечи!

Өз элин сүйбөгөн, өз Мекени, Ата Журту жөнүндө кам көрбөгөн адам башка элди жерди сүйүп да жарытпайт, ал жөнүндө кам көрүп да жарытпайт.

Азамат уул-кыз алгыч ирет өз улуту жөнүндө кам көрөбү, же улуту ал жөнүндө кам көрөбү? Азамат уул-кыз алгач ирет элин сүйүп, ага кызмат кылабы, же аны эли сүйүп ага кызмат кылабы? Аны азамат уул-кыз өзүлөрү ойлонуп-чечсин. Мен айтпайын!

Кечинде жаздыкка жатарда оюңду тазала: «Жүрөгүмдү жакшылык уяласын» - де, «пейлимди Алла таала адамдарга агартсын» деп тиле. Эртең менен эшикке чыгып баратып жолуңду тазала: «Жолум ачылсын» - де, «таза болсун» - де, «ишим жүрсүн» - деп тиле. Ошондо сен, адегенде, өзүң таза болосуң, анан элиңе, журтуңа таза болосуң!

«Тилим таза болсун» - десең, пейилиңди тазала, анткени тилиң пейилиңдин күзгүсү. Пейилиң ала болсо, сөзүң да ала болот.

Эне тилиңдин сөзүндөй да сөз барбы дүйнөдө! Дүйнө жүзүндөгү башка 300дөй тилдин ичинен эң ыйыгы ошол, керемети - ошол, туусу - ошол эне тилиң. «Эне тилим эртең өлөт десе, мен бүгүн өлүмгө барууга макулмун» деп, ошол үчүн керемет акын Расул айткан го. Ал дагы сөз кудуретин баалаган адамдын айтканы. Сөз эмес, бөздү ыйык туткан адам бөздү менен бирге ирип-чирип, сөзү эмес, бөзү өрттөнсө кошо өрттөнүүгө даяр.

Ошол үчүн эне тилдин ар бир сөзү өзгөчө феноменалдуу көрүнүш. Ал, болгондо да, социалдык-философиялык, психологиялык-педагогикалык, нравалык-эстетикалык жана да маданий-этикалык феномен. Ал эмнени туюнтат? Жөнөкөй тил менен айтканда, эне тили болбосо ал элдин, бүтүндөй улуттун жер менен жексен болмогу, дүйнөдөгү ордунун тыйпыл болмогу, духу өчүп, тарыхы унутулуп, адеп-ыйманынан кетмеги, маданиятынын жер үстүнөн өчмөгү, урпагын тарбиялап-таалим берер ыйык байлыгынан түбөлүк кол жуумагы, өз эне тили менен эмес башка элдин педагогикасы менен өз уул-кызын тарбиялап калмагы ошол. Андан башка сөз дал келбейт мындайга. Мындайды туюнтар башка сөз да жок дүйнөдө.

Эне менен эне тил, ата менен Ата Журт бирдей эле ыйык, бирдей эле кудурет-күчкө эгедер улуу түшүнүктөр адам өмүрүндө. Эне тили менен Ата Журтун ардактаган азаматтар - эл-журтуна улуу кызматын аябай кылган азаматтар ошолор!

Анык жетимдер - эне тили менен Ата Журтунан ажырагандар! Бирок да, «Энелүү жетим - эрке жетим, аталуу жетим - арсыз жетим» деп, энелүү жетимди атасыз жетимден көрөкчө өйдөрөөк баалайт. А эне тилинен жана да Ата Журтунан ажыраган жетимдерчи?

Ошол үчүн мындай деп айткым келет. Энеден айрылган жетим эмес, эне тилинен айрылган - анык жетим. Атадан айрылган жетим эмес, Ата Журттан айрылган - анык жетим! Багыбыз тоодой болсун десең, энебиз да болсун, эне тилибиз да болсун! Атабыз да болсун, Ата Журтубуз да болсун!

Тил тазалыгы - дил тазалыгы деп туура айтат элибиз. Тилдин булганганы дилдин да булганганы. Тилдин «ооруганы» - ыймандын ооруганы. Тилдин өлгөнү - ыймандын өлгөнү. Аны өлтүргөн ким? Аны короодо теке сүзүп, талаада бука челип, адырда ат тээп, же сайда сел алып өлтүрбөйт. Аны өзүбүз булгап, өзүбүз оорутабыз, өзүбүз өлтүрөбүз.

Ошол үчүн биз таза бололу, дилибиз таза болсун. Ыйманыбызды дарт чалбасын, адеп-ахлахыбыз өлбөсүн. Демек, ал - биздин өлбөгөндүгүбүз, биздин адеп-ахлахыбыздын ден соолугу. Ошону сактайлы, ошону коргойлу!

Улуу жазуучу Ч. Айтматов агабыздын мына бул сөзүн ар дайым эпиграф кылып алып жүрөбүз го: «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет». Абдан туура, таамай айтылган сөз. А, ошондо да, кылымдан кылым өтүп, акын Шайлообек айткандай, «Кыргызым» деп жулунганы менен, бир ооз кыргызча билбеген «манкурт кыргыз» эмес, руху, духу таза кыргыз жашап турса гана кыргыз тили жашап турмагын эстейли.

Манкурт кыргыздын баласы манкурт эле болор, алма сабагынан ашып түшпөйт - дегендей эле болор...

Кызматтын кырына чыгып алып, кыргыз тилин шылдыңдай караган кыргыз жигиттерибиз далай эле бар. «Эмнени кор кылсаң, ошондон кордук көрөсүң», дегендей эне тилин ким кор тутса, ал ошонун эсесин тартпай койбойт. Эч нерсеси кемибеген хандын тузу кемиген сыяктуу, баары бир рухунун бир жери кемийт, аны өзү билбейт, салт-санаасынан алыстайт, тарыхынан алыстайт, айыл-апасына жат көрүнөт, тууган-туушкандарынан коомайланат, ата-бабасы сүйлөгөн эки ооз сөздүн сырын түшүнбөйт, өз элинин рухунда эркин балыктай сүзө албайт, эркин куштай уча албайт. Анан өз кандаштарынан акырындык менен четтей баштайт, ошондон чүнчүп-жүдөп, ошентип өз Ата Журтунда жүрүп андан билинбей өгөйлөнө баштайт. Анын өз эне тилинен запкы көргөнү - ошол эмеспи!

Кээ бирөөлөр эне тилин чанып, башка тилде сүйлөсө эле тили буудай кууруп, торгойдой сайрап жатам деп ойлойт. Эне тилинде эки сөздүн башын тыңыраак кошуп сүйлөй албаган чалпоо башка тилде бакадай чардап жатканын байкабайт сыяктанат.

Ошол үчүн публицист-окумуштуу С.Байгазиев айтып отурбайбы минтип: «Кыргыз тили пенделеринин кайдыгерлигинен азап чегип, өз Ата Мекенинде арыш керип өркүндөп өсө албай отурат. Мен Кыргызстандан Кыргыз тилине кайдыгер академигин көрдүм. Кыргыз тилине кайдыгер көз менен караган министрди, депутатты көрдүм. Эне тилин унуткан Бишкектик Такинди көрдүм, эне тилим дебеген акимди көрдүм. Эне тил деп күйбөгөндү Оштон көрдүм, ошондой эле немени соттон көрдүм. Эне тилин сүйбөгөндү Чүйдөн көрдүм, ошондой эле манкуртту үйдөн көрдүм. Эне тилине өгөй жумушчу Түкөндү көрдүм, Өкмөттүк аппараттан Үсөндү көрдүм».

Туура айтат, эне тилибиз, биринчиден, өзүбүздүн кайдыгерлигибизден улам жабыр тартууда. Мурдагыдай, бирөөгө арта коер шылтообуз жок, тилибиз менен дилибиздин эгемендүүлүгүн өзүбүз кор тутуудабыз.

А, бүгүнкү эсиргенибизди эртең эч ким кечирбейт!

### 5-ЭТЮД:

### СӨЗ ТАБИЯТЫ - ТАБЫШМАК

Чынында эле, ушундай экен...

Деги, бу сөз деген керемет кайдан жаралды, эми каякка чейин өнүгөт, канчага чейин байыйт? Табышмак... Анын жандырмагын эч ким таба албас...

Сөз - бул, адам деген түшүнүк менен бирдей окшойт. Анткени сөз деген керемет адамга гана тиешелүү, андыктан адамдын өзү да ошондой керемет нерсе экен. Адамдын өзүндөй, өңүндөй, керемет касиеттерге ээ экен... Андан сырткары, сөздүн да даамы, жыты, куту, үнү, табы бар экен... Сөз өзүнчө эле күбүрөп-шыбырап сүйлөп, муңканып ырдап турган музыкага окшош экен. Аны тыңшаган угат экен, түшүнгөн түшүнүп, сүйлөшөт экен...

Ооба, сөз ушундай керемет да, табышмак да экен... Ушул тууралуу ой толгоп көрөлүчү. Анткени бул сөз дегениң океандай чалкып, «жээгин тоскон аскалардан» ашып-төгүлүп, каптап келатпайбы күн сайын?!

Мына, мага алгач ирет жарк этип көрүнгөн жарык сыңары - сөздүн өңү көрүндү! Өзөгүндө жарыгы бар бир эле сөз айтыла түшсө, кабагыңа кар жаап турса да, адам дегениңдин маңдайы жарк деп ачыла түшөт тура! Кейип турганда жаныңа өбөк болор, жөлөк болор жарык сөздүн кудурети ошондой тура. Ошол үчүн бир ооз жарык сөзгө көөнүң ачылып, маанайың жазылып, же болбосо, кайсы бир сөз, тетирисинче, жарык күнгө түн түшүрүп, кулагыңан кирип жан дүйнөңдүн жарыгын өчүрүп, заматта кабагыңа кар жаадырат, көңүлүңдү чөгөрөт. Мунун өзү - ай жаркын сөздөн да башка, анын тетирисинче «кара мүртөз» сөз да болорун туюнтуп отурбайбы.

Кээ бир адам бар экен - ичи жарык, кээ бир адам бар экен - ичи караңгы, орой, кара мүртөз. Көрсө, «жарык сөз» ичи жарык адамдан, «кара мүртөз сөз» ошо кара мүртөз адамдан чыгат окшойт.

Анан да, сөздүн үнү бар экен! Айтылган кээ бир сөздүн үнү не бир кубулжуган симфониядан угумдуу, не бир сыбызгыган обондон назик, көктөгү ак булага окшогон булуттан да, колуң менен кармасаң суудай төгүлгөн жибектен да, жумшак мамык кебезден да жумшак болот. Уксаң дагы да уккуңду келтирип, жан дүйнөңдү эненин алаканындай, сүйгөн адамыңдын эң назик колундай жумшак сылап, наристенин таза күлкүсүндөй жан дүйнөңдү эритет экен. Андай сөздү укканда өзүңдү өзүң унутуп, магдырайсың. Андай сөз жүрөктүн дарысы, жаныңдын жарымы дегим келет.

Көп адамдар китепте жазылган сөздөрдүн үнүн тыңшай алышпайт. Алар китепти караганда көздөрүнө тамгалар гана көрүнөт. Ал тамгалардан куралып турган сөздөр да жандуу сөздөр экенин туюшпайт, ошондуктан аларга сөздөрдүн кереметтүү шыбыр үндөрү угулбайт.

Китептеги сөздөр да адамга түркүн нерселерди сүйлөп турат. Ошондуктан, китеп деген нерсе - айрыкча касиеттүү, кереметтүү нерсе. Андыктан, китептин үнүн тыңшап, сүйлөшө билүү керек.

Жумшак сөз гана көңүлдү көл кылып эритип, жик билгизбей жибитет экен. Болбосо, таштай катуу сөз кулакка угулганда таштай тийип, таш тийгендей угулат. Кээ бир адамдар болот эмеспи - кыялы таштай. Демек анын сөзү жүрөгүнөн чыкканда эле таш болуп түйүлүп, таштай муздак бойдон чыгат окшойт. Анда анын жүрөгү да таш болуу керек.

Эх десең, ошол үчүн айтат да: «Таштай адамдан көрөкчө - таш жакшы, жыландай адамдан - жылан жакшы» - деп.

«Сөздүн да даамы бар» десе кээ бир адамдар ишенбейт. Алар «даамдуу» сөз сүйлөгөн адамдарды байкашпайт сыягы, же сөздүн «ширин» же «ачуу» даамын сезе билишпейт болуу керек. Андай болсо, сөздүн «даамын» билбеген адамдарга эмне айтса да жараша берүүсү мүмкүн. Байкаңызчы, кээ бир сөз билген адамдардын сөзү кандай гана ширин угулат!! Татынакай эриндер менен таттуу тилден жаралып жаткан ар бир тыбыш балдай таттуу чыгып, андан сөз куралып, сөздөн шурудай тизилген сүйлөмдөр түзүлүп, ал сүйлөмдөрдөн татынакай айтымдар жаралып, тексттер токулат. Андай сөздү укканда, бал жутуп жаткансып, оодун ичи таттууланып, тамшанып-тамшанып аласың... «Ширин» шилекейиңди кантип жутуп алганыңды да байкабай каласың!

Карачы! Анан кантип мындай «ширин» сөздөрдү ачуу сөзгө алмашмак элек!

«Ачуу» сөздүн даамы - өзү эле айтып тургандай, туздун же калемпирдин даамы биякта калсын, уй өлтүрөр уудай эле бар - деп элестетем. Аны уксаң - уу жуткандай болоруңуз чын. Эсиңиз эңгиреп, башыңыз айланып, заматта жер көчүп, өлүп эле кала жаздайсың...

Ушуга эле сыпатташ дагы бир нерсе - сөздүн жыты болорун да айталы. Ошондон улам «жыпар-жыттуу» сөз менен бирге эле «бүксүгөн», «сасык сөздөр» да эсиңизге келет. «Жыпар-жыттуу» сөздү угуп турганда, кулагыңды гана эмес, мурдуңду тосуп жыттагың келет. «Бүксүгөн» «сасык сөздөн» иттин өлүгүн көргөндөй алыс качасың. «Жыпар-жыттуу сөздөр» теребелде жер бетин бербей жайнап өсүп турган жыпар гүлдөргө окшош. «Жыпар» сөздүн жыты да ошол түркүн гүлдүн жытындай туюлат. Андай болсо, «сасык» сөздүн жытын айтпасак да түшүнүктүү го... Укканда кулагың жыйрылып, мурдуңду аргасыз чүйрүп, тескери буруласың...

Кээ бир адамдар баятан азоо аттай атырылып турса да, далилдүү, орундуу сөздү укканда коёндой бүжүрөп, чымчыктын балапанындай оозун ачып отуруп калганын билбей калышат. Тайдай так секирип турса да, тонналаган жүктүн төө бастысында калгансып, үнү заматта өчөт. Андайда айтылган сөздү - «салмактуу сөз» деп айтсак болот. Жеңил-желпи, ой келди айтылган сөздөн көрөкчө, андай сөздүн опол тоодой салмагы бар экени туюлат. Кээде андай сөз - бир эле сөздөн туруусу да мүмкүн. Ошол салмактуу бир эле сөз алоолонгон отту өчүрүп, талааны каптап келаткан ташкынды токтотот. Асмандан түшкөндөй, азоо атты ооздуктагандай салмактуу бир ооз сөздү ар ким эле айта албайт го, чиркиниң!

*(Уландысы бар)*

Которгон Эрмек ШОРУКОВ

*(Уландысы. Башы санда)*

Ирвин Шоу

# Кыска көйнөкчөн кыздар



Официант эки бокал алып келип берди, экөө күн чубактап бренди ичип отурушту. Майкл колундагысын жарымдап, артынан суу ууртап койду.

– Аялдарды карабай койбойм, – деди ал. – Чын. Бул туура же туура эмес экендигин айта албайм, бирок карайм. Көчөдөн өтүп баратып караган жокмун десем, сени да, өзүмдү да алдаган болом.

– Сен аларга ээлик кылгың келгендей карайсың, – деди Френсис бокалы менен ойноп. – Ар бирин.

– Дегинкисин айтканда, – деди Майкл, аялына кайрылгандай эмес, жумшак сүйлөп, – бул чындык. Мен буга каршы эч нерсе дей албайм, бирок бул чындык.

– Аны билем дечи. Ошон үчүн көңүлүмдү кир каптагандын үстүндө.

– Дагы бренди, – Майкл сурады. – Официант, дагы экини.

– Эмнеге көңүлүмдү оорутасың? – деп Френсис сурады. – Эмне үчүн минтесиң?

Майкл үшкүрүнө көзүн жумуп, колунун учу менен кабагын акырын сүртүп койду. – Мага аялдардын көркөм сөөлөтү жагат. Бураңдаган аялдары үчүн Нью-Йоркту жакшы көрөм. Мен Охайодон биринчи жолу Нью-Йоркко келгенде адеп көзүмө урунганы сан миң татына кыздар болду. Көкүрөгүмдүн түрсүлдөгү кекиртегимдин чуңкурунан ургулаган бойдон жүрдүм.

– Балалык кылгансың, – деп кобурап койду Френсис, – балалык сезим.

– Билбейм, – деди арсар, – билбейм деги. Жашым улам өйдөлөп барат, орто жашка жакындап калдым, курсак байлай баштасам дагы Он бешинчи, Элүү жетинчи көчөлөрдүн ортосунда даңгыл бойлоп бешим ченде сейилдеген жагат. Үлпүлдөгөн тондоруна оронуп, шляпаларын кыйшайта кондурган, дүйнөнүн чар тарабынан келген айымдар дүкөндөрдү кыдырган болушат. Кайда карабагын – кымбат баалуу тондор, сонун-сонун кийимдер, үйлөрүнөн чыккан мөлтүрөгөн аялдар акчасын чачканына корстон болушат. Өтүп баратсаң байкамаксанга салып, салкын караганычы.

Жапон официант кош бокалды столго койду, кубанганынан жүзү тамылжыйт.

– Баары жайындабы? – деп сурап койду.

– Баары сонун, – деди Майкл.

– Эгер бир-эки тонум, кырк беш долларлык шляпам болсо... – деди Френсис.

– Кеп тондо же шляпада дагы эмес. Бул эми ажайып аялдар үчүн, билген кишиге, – деди күйөөсү, – мунун баарын угуштун кажети жок.

– Мен уккум келет.

– Мага тыкан, көз айнегин мурдуна кондурган, акылдуу, шайыр, көптү билген, өздөрүнө кам көргөн кызматкер кыздар жагат үшөт. – Ал терезеден акырын өтүп бара жаткан адамдарды карап турду. – Кырк төртүнчү көчөдөгү кыздар жагат, түшкү тамак учурунда "Сардинин" жанында өздөрүнүн сулуулугун, жаштыгын шардана кылып, жаш жигиттер менен аңгеме дүкөн куруп продюсерлердин көзүнө урунуп калышын күтүп турушат. "Мейсистеги" сатуучу кыздарды көргөндө көзүм күйүп кетет го, чиркин! Аялдарды күттүрүп коюп сени тейлеп, байпак, китептерди, фонограф ийнесин көрсөтүмүш болгон сага кылыктанган арууззаттар! Он жыл бою көкүрөгүмдө топтолгон нерселер сен сурагандан эми калкып чыкты

– Тизгин жыйбай уланта бер, – дем берип койду Френсис.

– Нью-Йорк шаары эсиме түшсө эле бардык кыздарды – шаарда беймаал басып жүргөн жөөт кыздарды, италиялык, ирландиялык, поляк, кытай, немис, ындыкара, испан, орус кыздары оюма келет. Мен эле ушундаймынбы же шаардагы бардык эркектер ушундай ойдо жүрүшөбү, билбейм, бирок ушул шаарда эс алып жүргөндөй сезем. Театрдагы аялдардын жанында отурганды жакшы көрөм, алты саат бою карап эле тургуң келген атактуу сулуулар. Фулбол беттешине келишкен чырайына кызыл нуру чыккан жаш кыздарчы, күн ысыкта кыска көйнөкчөн кыздар... – бокалындагы брендинин калганын жутуп койду. – Ушундай. Өзүң сурадың, эсиңде болсун. Эч нерсе кыла албайм, бирок аларды карайм. Эч нерсе кыла албайм, бирок аларды өзүмдүк кылгым келет.

– Сен аларды өзүмдүк кылгың келет, – Френсис мелтиреп туруп кайталады. – Сен ушинтип айттың.

– Так ушундай, – солк этпестен катуу жооп берди Майкл, анткени жубайы жараатты өзү тырмады, "араң турган көз эле, чыгып кетти өзү эле" болду. – Жөн жаткан аякты сууруп чыктың, эми аягына чейин аяктайлы.

Френсис эки-үч жолу аптыга жутуп, бокалын бошотту.

– Сен мени сүйөм дейсиңби?

– Мен сени сүйөм, бирок тигилилерди да кыйбайм. Ушундай.

– Мен да ажарлуумун, – деди Френсис. – Кимисинен болбосун сулуумун.

– Сен сулуусуң, – деди Майкл түз маанисинде.

– Мен сага карап жатам, – деген Френсистин үнүндө жалбаруу бар эле. – Мен сага жакшынакай колукту, жакшы үй кожойкеси, жакшы дос болуп бердим. Мен сен үчүн колумдан келгенинин баарын кылам.

– Билем, – деген Майкл Френсистин колунун үстүнөн кармады.

– Эркин болгуң келсе... – деп бараткан Френсистин сөзүн Майкл бөлдү.

– Чүш.

– Чынынды айтчы, – деп колун тартып алды.

Майкл манжасы менен бокалынын четин шыпырып койду.

– Жакшы, – деди ал акырын гана. – Кээде эркин болгум келип кетет.

– Болуптур, – деди Френсис тоготпогон үн менен столдун үстүн нагарадай тырсылдатып, – Сен каалаган убакта...

– Макоолонбо, – Майкл отургучун аны көздөй ага жакындатып, жамбашынан сылады.

Френсис эч ким байкабашы үчүн жүз аарчыны бетине басып алып, булуктап үнсүз ыйлай баштады.

– Бир күнү менден кетчү күнүң келет го...

Майкл үн деген жок, акырын лимон аарчып жаткан бармендди карап отурду.

– Кетесиңби? – Френсис үнүн катуу чыгарып сурады. – Эмне мелтирейсиң, айт! Бирдеме дебейсиңби? Кетесиңби?

– Мүмкүн, – деген Майкл отургучун артка жылдырды. – Кайдан билейин?

– Билесиң, – Френсис сөзүн улантты. – Билбейсиңби?

– Ооба, – деди Майкл бир тынымдан кийин. – Билем.

Френсис ыйын токтотту. Жүз аарчысы менен эки-үч жолу аарчынып тигиндей койгондо, жүзүндө ыйдын изи да калган жок.

– Эми мага бир жакшылык кыл, – деди ал.

– Ананчы.

– Менин көзүмчө бул же тигил аялдын канчалык сулуу экендигин айтканыңды токтот. "Бото көздөрү, марал төшү, сүлкүлдөгөн соорусу, мукам үнү", – деп Майклдын үнүн мыңкылдап туурап. – дегениң ичинде болсун, мени кызыктырбайт.

– Кечирип кой. – Майкл официантка кол булгады. – Мындан кийин айтпайм.

Френсис көзүнүн кыйыгы менен карады.

– Дагы бир бренди, – деди ал официантка.

– Экини, – деп кошумчалап койду Майкл.

– Макул, айым, жарайт, мырза, – деди официант артына бурулуп.

Френсис күйөөсүн муздак көздөрү менен карап турду.

– Стивенсондорго чалайынбы? Шаардын чети ажайып эмеспи.

– Ананчы, – деди Майкл. – Чал.

Френсис столдон туруп, бардын тигил жагындагы телефонду көздөй жөнөдү. Майкл айымдын сулуулугуна сук артып, марал төшүнөн, сүлкүлдөгөн соорусунан көзүн албай узата карап турду.

**2024-жылдын 23-апрели.**

*(Аягы)*

# Сөздөрдүн мааниси

**Элмира АЖЫКАНОВА**

**Ит көйнөк** – жаңы төрөлгөн наристенин биринчи ирет кийилүүчү кийими. (Айрымдар эт көйнөк деп жаңылыш айтып жүрүшөт). Ит көйнөк карыган адамдардын кийими тигилген кездеменин артканынан же жыртыла элек эски көйнөгүнөн тигилген. Көбүнчө ырымдап кадыр-барктуу, нарктуу адамдардын көйнөгүнөн алышкан. Ит көйнөк деп аталган себеби, аны адегенде ырымдап итке тийгизип, анан балага кийгизген. Мындай аракет - баланын ден соолугун бекем кылат деген ишенимге байланыштуу. Ит көйнөктү ымыркай кырк күн кийген. Кыркын чыгаргандан кийин кырк көйнөк деген көйнөктү кийгизишкен. Ал кырк курак көйнөк болгон. Мис; ошентип бүгүн балакайымдын ит көйнөгүн чечебиз.

**Кашек.** Бул сөздүн эки мааниси бар. 1. Каалга-терезелердин кырка жээктерине туура келтирип, аларды бекитүү, ачып-жаап туруу учун ылайыктап жасалган алкак. Мис: Терезенин кашегин сырдадык. Каалганын кашегин кайрадан оңдодук. Эшик терезенин кашектерин башка түскө боедук.
Экинчи мааниси – чөптүн мал жегенден кийинки калдыгы. Иргелип калган катуу сөңгөктөрү. Мисалы; Ал аттарынын алдындагы кашектерин алып, очоктун жанына алып барды. Малдын акырындагы кашектерди сыртка алып чыгып өрттөдүк.

**Ит өлгөн жер** - абдан кыйын, татаал, адам чыдай алгыс, өтө кыйынчылык менен араң жете турган алыс жер. Эмне үчүн "ит өлгөн" деп айтылат? Анткени ит жаны бекем, өтө чыдамкай жаныбар. Абдан чыдамкай адамдарды ит жандуу деп да коюшат. Ошол ит да чыдабай өлүп кала турган жер – демек өтө катаал жер. Мис; Сени менен ит өлгөн жерге чейин барам. Ал күндүн суугуна карабай, ит өлгөн жерге барып келди.

**Кесмен** - Бирөөгө сый кылып берилген кызылдаган эгин. Мисалы; - Абдылда эгин сапырып аткан экен, Кесмен алып келдим. Илгери кыргыздар кырман сапырып же дан бастырып жаткандарга кырманга береке, иш илгери болсун деген тилектерди айтышкан. Олжолуу келаткан мергенчиден шыралга сурашат эмеспи. Ошол сыңары эле кызыл дандан бир аз бөлүп бергенди кесмен дешкен.

**Мыскал** - Оордук өлчөмүнүн бирдиги. Башкача айтканда, болжол менен 5 граммга жакын салмак. Мис. Эки мыскал күмүш. Бир мыскал алтын. Зергерге үч мыскал күмүштөн шакек жасатып алдым. Экинчи мааниси – кичинекей, кымындай, тырмактай дегенди билдирет. "Батмандап кирген оору мыскалдап чыгат" деген макал бар.

**Сарпооч** – кыргыздын эски сөзү. Жарадарды же өлүктү атка мингизип, алыс жерден алып келүүнүн ыкмасы. Илгери көчмөн кыргыздарда алыс жерде өлгөн адамды ата-бабалары көмүлгөн көрүстөнгө алып келип көмүү – салт болгон. Узак жолдо өлүктү кадимкидей эле кийиндирип, атка мингизип , эки колтугуна эки балдак, ээгине бир балдак бекитип, эки жагынан эки киши жандап алып келишкен. Муну сарпооч дешкен. Мис. Чала жан болгон баатырды өз жерине сарпоочтоп алып келишти .
Нукум, укум – баш бармактын учунан баштап сөөмөйдүн бүгүлгөн жерине чейинки аралык. Болжол менен 10 – 12 см. Мисалы; душманга бир укум жерди да бербейбиз. Көйнөктүн этегин бир укум кыскартуу керек.

**Баргек** - кыз-келиндердин чачына тагылуучу кооз жасалга (Көбүнчө түштүк тарапта айтылат). Баргекти илгери чеберлер мончок-шурудан кооздоп колго жасашкан. Кээде зергерлер алтын күмүштөн да жасашчу экен. Элдик ырда "Баргек тактым чачыма, осмо койдум кашыма"" деп айтылат.Барпы акындын сүйүү ырларында да баргек деген сөз бир нече жолу кездешет. Азыр да чачка таккан кооз жасалгалар абдан көп.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№5 (303)
31 05 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АКЫН КЕТТИ
## (Омор Султановго)




**Бурулкан Сарыгулова**

*Өлүм ак.*
*Акын кетти тирүүлүктөн,*
*Тынды жаны дешти аны,*
*Тегеректеп жүргөн дос-туугандары.*
*Илдеттин кыйнаганы,*
*Кейитти кыйла жанды.*

*Шыпшыныпты,*
*Үшкүрүштү тирүүлөр аны билген.*
*Билгендер арбын эле,*
*Арасында бар эле,*
*Жүрөгүн калбыр кылып,*
*Жалындап сүйгөндөрү,*
*Дөөлөтүнбү, сөөлөтүнбү,*
*Ырларынбы,*
*Айтор,*
*Билген дараметин,*
*бир жакшы кеткендигин,*
*айтып атты.*

*Ал акын,*
*Тулпар эле,*
*Даңканы таштычы жарган,*
*Акын болчу күйүп жанган!*
*Башкадан чарчаса да,*
*Чарчабаган,*
*Ыр жазгандан!*

*Бийик эле,*
*Акын эле төрөдөй.*
*Ызылдаган ушак бөөдө,*
*Көралбастык,*
*Жан кашайтып тушап кээде,*
*Турса деле,*
*Текебердей тетир басып кетчү дагы,*
*Теңине албай койчу, андайларды.*
*Жалгыз калчу...*
*Чарчаганда,*
*Дүйнөсү жардылардан.*

*Трибунада,*
*окуганда ырларын,*
*Оюу кенен,*
*Келишимдүү келбети, бою менен,*
*Далайлар күйүп-жанган*
*Тобу менен!*
*Ансайын кербезденип,*
*Кербез эле...*
*Анысы куп жарашып калуучу анан,*
*Айрыкча,*
*Сүйүүнүн жалындаган ырларынан!*

*Өлүм ак!*
*Кетти акын бу дүйнөдөн,*
*А жаны жашап калды ЫРЛАРЫНДА.*

## ЖУМАГУЛОВ ЧЕТИН –

тилчи, түрколог, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1998), Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатында мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (2006); Туркиянын лингвистика коомунун ардактуу мүчөсү (2000).

Четин Жумагулов 1937-жылдын 3-мартында Чүй областындагы Кант районунун Четинди айылында туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1960). Кыргыз ССР ИАнын Тил жана адабият институтунда илимий кызматкер (1960–62), Кыргызстан ЛКСМ БКнын агитация жана пропаганда бөлүмүндө инструктор (1962–64), Кыргыз ССР ИАнын аспиранты (1964–67), Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында улук илимий редактор, редакция башчысы, жооптуу секретарь (1968–72), Тил жана адабият институтунда илимий кызматкер, сектор башчысы (1972–90), Тарых институнун алдындагы Терминология бөлүмүнүн башчысы (1990–94), Лексикология жана лексикография бөлүмүнүн жетектөөчү илимий кызматкери (1995), КР УИАнын Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун бөлүм башчысы (1995–2003), 2003-жылдан Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакторунун орун басары.

Илимий ишинин негизги багыты Кыргызстандагы эпиграфикалык эстеликтерди изилдөө жана кыргыз терминологиясынын, түркология илиминин көп кырдуу маселелери болгон. Ч. Жумагулов Кыргызстандын аймагындагы эски доорлордон калган жазуу эстеликтерин (рун, уйгур, несториан, араб, тибет, калмак жана башка) изилдеп, жарыялап, илимий чөйрөгө алып чыккан жана бир катар жаңы эстеликтерди ачкан. 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башында кыргыздын тарыхый инсандарына (Жантай, Өзбек, Шабдан, Муратаалы баатыр жана башка) коюлган эстеликтердеги жазууларды биринчилерден болуп окуп, которуп жарыялаган. Профессор Четин Жумагулов 300дөй илимий эмгектердин автору.

Эмгектери чет тилдерге да которулган. Орус, казак тилинен бир нече көркөм чыгармаларды кыргыз тилине которгон.

Ч. Жумагуловдун "Эпиграфика Киргизии", "Язык сиро-тюркских (несторианских) памятников Киргизии", "Кыргызстандын эпиграфикалык эстеликтери", "Кыргызстандын байыркы эстеликтери", "Эпиграфические памятники древнего", " Кыргыз терминологиясынын айрым актуалдуу маселелери", "Кыргызстандагы несториан түрк эстелик жазуулары (XIII-XIV кылымдар)" ж. б. бир нече илимий эмгектери, котормолору элге белгилүү.

Бүгүн элибиздин сыймыктуу уулу дүйнө салып, элибиз дагы бир оор жоготууга учурады. Агайдын жаркын элеси ар дайым ар бир кыргыз жүрөгүндө түбөлүк сакталат.

**КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиевдин жана Улуттук комиссиянын алдындагы Терминология жана Энциклопедия борборунун жалпы жамаатынын ошондой эле бирге иштешкен кесиптештеринин атынан маркумдун үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.**

# ТӨМӨНКҮ СӨЗДӨРДҮ ЖАЗУУДА КӨП КАТАЛАР КЕТЕТ

**Элмира АЖЫКАНОВА**

*Кээде таанымал калемгерлер, журналисттер да дал ушул сөздөрдү ката жазышат:*

*Таяке (Тайке, тайаке эмес),*

*Таята (тайта, тайата эмес),*

*Тайеже (тайже, тайэже эмес),*

*Таене (тайне, тайэне эмес),*

*Кайната (кайын ата эмес),*

*Кайнене (кайын эне эмес),*

*Жылан (жылаан деп айтылат)*

*Капыр (каапыр деп айтылат)*

*Табигат, табият (эки түрлүү жазууга жол берилет)*

84 жаш курагында Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, окутуу орус тилиндеги класстар үчүн «Кыргыз тили» окуу китептеринин автору, кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин устаты, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө зор салымын кошкон алдыңкы агартуучу

## Абылаева Нурия Абылаевна

дүйнөдөн кайтты.

Абылаева Нурия Абылаевна 1940-жылдын 4-августунда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ичке-Булуң айылында туулган. 1967-1972-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда «Орто мектептер үчүн кыргыз тили жана адабияты мугалими» адистиги боюнча билим алган. 1972-1991-жылдары Бишкек шаарындагы № 58 орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенген. 1991-1998-жылдары Фрунзе шаарындагы Республикалык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда улук окутуучу болуп иштеген жана алгачкылардан болуп, мугалимдерге окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун усулун үйрөткөн. 1998-жылы №27 орто мектепте иштеген. 1999-жылдан тартып 2024-жылдын май айына чейин Бишкек шаарындагы № 57 орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими, директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары болуп иштеген. Нурия Абылаевнанын 2 кыз, 3 уул, 10 небереси бар.

Нурия Абылаевна окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1, 3, 4, 10, 11-класстары үчүн «Кыргыз тили» окуу китептеринин автору, 3, 4-класстар үчүн «Методикалык колдонмо» китебинин автору, 9-11-класстар үчүн «Кыргыз тили боюнча сабактардын календардык планы жана сабактардын көргөзмөлүү иштелмелери» колдонмосунун автору, «Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 4, 8-класстар үчүн дидактикалык материалдары» китебинин авторлорунун бири, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 1, 3, 4, 10, 11-класстар үчүн «Кыргыз тилинин 27 сабагы» аталышындагы дидактикалык колдонмонун автору, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердеги 1-класс үчүн «Жумушчу дептер» колдонмосунун автору. Ошондой эле ал мугалимдерге жардам катары 1, 7, 10, 11-класстардын иштелмелерин, 1-11-класстардын календардык планын, ошондой эле 10-11-класстардын окуучулары үчүн «Кошумча көнүгүү», «Көргөзмөлүү сабактын шилтемелерин» иштеп чыккан.

Абылаева Нурия Абылаевна «Кыргыз ССРинин элге билим берүүнүн отличниги» төш белгиси, «Эмгек ардагери» төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» төш белгиси, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз тили» коомунун «Ыйык тил» төш белгиси менен сыйланган, ага «Методист мугалим» сыйлыгы берилген.

Нурия Абылаеванын күжүрмөн эмгеги татыктуу бааланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» ардактуу наамы ыйгарылган.

Абылаева Нурия Абылаевна өз өмүрүн татыктуу жашап өттү. Ал билим берүү тармагында өз доорунун мыкты өкүлү жана жаштардын ардактуу устаты болгон. Ал өмүрүн балдарга, мектепке, билим берүү тармагына, мамлекеттик тилибиз – кыргыз тилине арнаган алдыңкы методист мугалим болгон!

Кыргызстандын татыктуу кызы Абылаева Нурия Абылаевнанын жаркын элеси элибиздин эсинде түбөлүк сакталат.

Маркумдун үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

**Э.Ж.Байсалов**
**Д.Ш. Кендирбаева**
**М. Мураталиев**
**А. Акматалиев**
**С. Мусаев**
**Н. Абдесов**
**И. Акматов**
**С.К. Рысбаев**
**Б.Б. Топоева-Ставинская**
**Т.Н. Абылкасымова**
**М. Өмүрбеков**
**Г.У. Ибраимова**
**Э.К. Ниязбекова**
**Р.И. Мусаева**
**К. Оболова**
**А.Т. Турдакунова**
**К.Ж. Иманкулова**
**Э.Т.Абдыкасымова**
**К.О.Райымбекова**
**З.М.Темирбекова**
**А.Оторбаева**
**Ж.Исмаилов**
**Ж.Б. Дүйшөнбекова**
**А.М. Исмаилова**
**К.Ж. Чоткараева**
**С.Ш. Маткеримова**
**А.И. Сыдыкова**
**А.К. Абдрасулова**
**А. Ходжебекова**
**С. Кубанычбек кызы**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКЫ БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№5
(303)

31
05
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Чолпон Орозалиева



**ӨМҮР БАЯН**

Чолпон Орозалиева 1991-жылы 2-октябрда Жалал-Абад облусунун Токтогул районуна караштуу Ак-Тектир айылында туулган. Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжин, И.Арабаев атындагы КМУнун Кыргыз тили жана адабияты адистигин бүтүргөн. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин магистратурасын аяктаган.

«Нурборбор» чыгармачылык академиясынын мүчөсү. Түркиянын Стамбул шаарында өткөн жаш жазуучулардын форумунун катышуучусу. Ч.Айтматов атындагы жаштар сыйлыгынын дипломанты. «Коштошуу» аттуу прозалык, «Саябандагы муза», «Төгүлүү» ыр жыйнактарынын автору.

## Кат. Сүйүү

*Жашообузда күн сайын жаңылыктар,
Заман зуулап баратат агылып шар.
Улам мезгил алдыга озгон сайын
Унутулуп жаткандай баалуулуктар.*

*Жакшы көрсөк, аралык болжобойбуз,
Кат жазабыз, катасын оңдобойбуз.
Арзыбаган сөздөрдү жиберген соң,
Азыр жообун жөнөт деп ойдолойбуз.*

*Мурункуну биз кантип жашыралык,
Сүрдөп сүйүү каттарын жазып алып,
Сырын катып ичине күтүшчү экен,
Сүрөттөрүн жазданып жатып алып.*

*Окшосунчу мамиле баштапкыга,
Кошулсаңар оюмду жактап буга,
Өткөн кездей калем сап, кагаз алып
Мени сүйүп калсаңар, кат жазгыла!*

## Жаңылык

*Аракетте жашоо тынбай агылып,
Азыраактан бийиктиктер багынып
Жатса деле, үмүттөнүп апакем
Сурай берет дайым: «Эмне жаңылык?».*

*Билем оюн, билем сөздүн төркүнүн,
Башаты да собол жүрөк өртүнүн.
Бир күйөөнүн тилин уксам оң болмок,
Бир акындын ырын укпай көркү миң.*

*Бирок азыр дале жалгыз бел ашам,
Көптөн тилек күтүшсө да эне-атам,
Качандыр бир колго кончу бакытты
Кезиктирип кубанталбай келатам.*

*Кандай татаал турмуштагы шарт эле,
Шаштырбасаң, апа, кызың жаш эле.
«Жаңылыкты» жасап коюш опоңой,
А жаңылбай жашап кетиш маселе...*

## Тааныш үн

*Алыс жактан үн чыккансып оболу,
Анан таанып келген сымал короону,
Тээ качанкы балалыкта ойготкон
Тааныш чымчык сайрап ырсе болобу?!*

*Дүрт дей түштүм, зырп дей түштү жүрөгүм,
Түшүмбү дейм, чындап эле бул өңүм.
Көңүл түтпөй келген окшойт алыстан
Кыйналдыбы деп жеринде бирөөнүн.*

*«Кайдан келдиң?» деп сураса тигилип,
«Кыргызстан!» дейм компойгонум билинип.
Кышта эл жок, баары мага калгансыйт
Көчө, пальма, деңиз, тоосу биригип.*

*Эс алууга келип минтип чет элге,
Эң аз калды сапар карып кетерге,
Жолду баштап сен жөнөй бер «тааныш үн»,
Жетпеси чын алтын бешик Мекенге.*

***

*Күндөн баштап көңүл тордогон,
Каршы чыгуу деген болбогон.
Түнкү эки-үчүп телефон
Албай калган күнүм болбогон да,
Барбай калган убак болбогон.
Күттүргөнгө деле макулмун,
Түз жүргөнгө дагы макулмун,
Кучактасаң деле макулмун,
Ушактасаң деле макулмун.
Анан кантип көзгө илбейсиң,
Кантип анан мени сүйбөйсүң?..*

*А балким,
Кылыктанып, каада күтө албай,
Башым ийип жүрүп чөктүргөм,
Макул болуп жатып көптүргөм.
Өрүшүңдүн каалап жайыгын,
Өрөөнүңдөн бүгүн көчтүм мен,
Элесиңди эске сакталуу
Эң акыркы жолу өптүм мен...*



## Жжелик кеңеш

*(сиңдилериме)
Кеч күздөгү токтобогон шамалдан
Ой түгөнбөй түтөп атkан чок сымал,
Ээн бөлмөдө жатам эстеп өткөндү,
Экөөңөр тең жоксуңар.*

*Билем, билем, жандан бирден жигитти
Жүрөсүңөр зор сезимге курчалып,
Ушул учур уланса экен деп тилеп,
Алар чындап кылса жакшы мамиле
Үйгө чейин жеткирет.*

*Бул сүйүүнүн бир жагы,
Бул сүйүүнүн гүл багы.
Көрсөтпөсүн андан бөлөк тарабын,
Койбосунчу мага кылган талабын.*

*Махабаттан боздогондо бүк түшүп,
Астын-үстүн көңтөрүлүп теребел.
Оорун жатат деп түшүнүп үрпөйгөн
Силер жапжаш эленер.*

*Азыр мына акыл толду, кез келди,
Эмнеси бар, калган болсо кеп бышып,
Чектен ашпай өптүргүлө, өпкүлө,
Жжеңердин эпсиздигин туурабай,
Эрте күндө турмуш куруп кеткиле.*

*Өрүк экөөбүз
Жыйначудай жылуулуктан күчтү биз,
Короодогу бир түп өрүк экөөбүз
Жакшы тилек менен жазды күтчүбүз.*

*Төгөр болсом көкүрөктө сырымды ак,
Түйгөн жылы шагын ийип кубантып,
Турмуш курам деп койчумун ырымдап.*

*Же бир анын багы ачылып бүрдөбөй,
Колдон алып мени бирөө жүр дебей,
Жалгыздыкта далай күндү кечирдик
Ичтен тынып, сыртыбыздан үндөбөй.*

*Миң алакет кылган менен далбастай,
Көрсө, түшүм бербейт тура чаңдашпай.*

*Түшүнгөн соң жуп болуунун кадырын,
Туура жерден өзгөрттүм да оюмду,
Таап кеттим жашоодогу жолумду.*

*Саясы бар, мөмөсү жок ар жылы,
Билбейм анын кандай болот тагдыры...*

## Мекен сүйүү

*Мекен деген "ме" деп сунган "кен" экен,
Омурткасы сыздап атын энекең
Көз жарганда - бооруна алып бөлөлөп,
Колуна алып төтөлөп,
Келечекке жетелеп,
Адебиңдин, азабыңдын бардыгын
Ата-энеңден артыгыраак көтөрөт.*

*Ошондуктан сузган өңдүү кырмандан
Өөнөбөстөн жерим терпел-жыйгандан,
Өз кезинде билсек деймин жүрөктө
Мекен сүйүү – башталарын ыймандан.
Туугандарга бөлүшөрдө жарымын,
Тууган жердин унутпайын жарыгын,
Ырлар менен көтөрөйүн кадырын.*

*Биз кылбасак колдон келген жардамды,
Кубаты мол күчтүү өлкө жаралбас.
Өстүрсөм дейм ыйманы ысык балдарды,
А сен эмне энчилейсиң, замандаш?..*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

№5
(303)

31
05
2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

**Кыргыз тили**

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты
боюнча улуттук комиссиянын газетасы

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Жапар уулу Орозалы
0(553) 932503

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО
Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:** 248
**Нускасы:** 3 150